# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ДЕКАБРЬ 2015 | № 12 (49) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жамааттарды куттуктоо

КР Жогорку Кеңештин атынан 2

ЖӨБЭММАнын атынан 3

Өнүктүрүү сясат институтунун атынан 3

### Көңүл чордонунда – финансылык сабаттуулук

Талас облусунда зайымчылардын дээрлик 40 пайызы насыяны кайтарууда кыйналышат 4

Насыялар жарандардын капчыгын кагууда 6

Насыялар үй-бүлөлөрдү талкалоодо 8

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Кыргызстандын жарандары жергиликтүү өз алдынча башкарууга ишенет жана ага ийгиликтүү катышууда. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Биринчи фазасын аткаруунун жыйынтыктары, 2011-2015 10

1-жыйынтык. Жергиликтүү жамааттар (ЖКУну кошкондо) жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөрдү башкаруу процессине катышууда 13

2-жыйынтык. Жарандардын муктаждыктарына жооп кайтаруу үчүн ЖӨБдүн башкаруучулук дарамети өстү 15

3-жыйынтык. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана борборлоштурууну азайтуу боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү 18

Александровка муниципалитетинин ЖӨБ органдары аймактын тарыхында биринчи жолу коомдук угууларды өткөрдү 20

Кемин шаарындагы бир райондо катуу тиричилик калдыктарын (КТК) колго алуу маселелери боюнча коомдук угуулар 22

### Сынактар жана гранттар

Жаш изилдөөчүлөр үчүн ЖӨБ боюнча докладдар сынагы 24

Ачык лекциялар 25

Жаш изилдөөчүлөр үчүн докладдардын болжолдуу темалары 27

### ЖӨБдүн эл аралык тажрыйбасы

Бала бакчалар – пландоонун дүйнөлүк тажрыйбасы 29

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;

**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин атынан куттуктоо



**Галина СКРИПКИНА,**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана Регламент боюнча комитетинин төрайымы

***Кадырлуу достор!***

Келе жаткан 2016-Жаңы жыл менен ак ниеттен айтылган куттуктоомду кабыл алып коюңуздар!

Жаңы жылдык майрамдар – бул жагымдуу машакаттардын, жакындар жана достор менен кубанычтуу жолугушуулардын убагы эмеспи.

Бул күндөрү ар бирибиз өткөн жылга сереп салып, келечекке үмүт менен карайбыз. 2015-жыл көптөгөн жаркын, эсте каларлык окуяларга бай болду. Ошону менен бирге олуттуу сыноолордун жылы да болду – өлкө парламентинин жаңы курамы түзүлдү, ошондой эле өлкө экономикасы бир топ толкуду. Бардык кыйынчылыктарга карабастан бүгүнкү күндө биздин муниципалитеттер эмгекчилдигин жана мыкты сапаттарын көрсөтүп, кесипкөйлүгүн, татаал жана туура чечимдерди ыкчам кабыл алууга жөндөмдүүлүгүн ар кандай тоскоолдуктарга каршы койду.

Муниципалдык бийликтин ишиндеги эффективдүүлүктү жогорулатууга көмөктөшкөн зарыл жана ыңгайлуу шарттарды камсыздоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча тапшырма келаткан жана алдыдагы жылдары өлкөнүн негизги артыкчылыктарынын бири болуп эсептелет. Бул болсо биздин, мыйзам чыгаруучулардын ишине жаңы дем берип, ийгиликке жетебиз деген үмүттү пайда кылды. Анткени өлкөбүздүн өнүгүүсү ар бир муниципалитеттин ийгиликтеринен жана жетишкендиктеринен көз каранды эмеспи.

Жаңы жылдын алдында биздин муниципалитеттердин бардык эмгек жамааттарына, жергиликтүү кеңештин депутаттарына – көз карандысыз республикабыздагы айылдардын жана шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу салым кошкон жана кошуп келаткан бардык адамдарга ыраазычылык билдирип коюуга уруксат этиңиз.

Жаңы жыл бизге жана жакындарыбызга жакшылык, кубаныч, ийгилик, ден соолук жана бакыт алып келсин. Жаңы жылда бардык жаркын ой-максаттар орундалсын. Үйүңөрдө ынтымак жана өз ара түшүнүшүү өкүм сүрсүн. Бардык кыйынчылыктар жана көйгөйлөр ушул жыл менен өтүп кетсин.

Баарыңыздарга тынчтык, бакубатчылык жана бакыт, ал эми өлкөбүзгө туруктуулук жана өнүгүү каалайм! ***Жаңы жылыңыздар менен!***



**Кенжебек БОКОЕВ,**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты

**Урматтуу достор, келе жаткан Жаңы жылыңыздар менен чын жүрөктөн айтылган куттуктоолорду кабыл алып коюңуздар!**

Жаңы жылдын алды – жыйынтык чыгарчу мезгил. Эски жылды узатып жатып, кийинки жыл бардык жагынан жакшы болот деп ишенгибиз келет. Биз жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө олуттуу кадамдарды жасадык. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жемиштүү иши үчүн жаңы мыйзамдар иштелип чыгып, алар кабыл алынды. Жергиликтүү жамааттын өнүгүүсү үчүн дагы көп нерсе жасаш керек. Кийинки жыл натыйжалуу жана жемиштүү болот деген ишеним бекем. Урматтуу муниципалитеттин кызматкерлери, күн сайын аткарып келаткан жаратман эмгегиңиз, демилгеңиз жана иштин көзүн таба билгениңиз үчүн ыраазычылык билдирем.

Келе жаткан жыл көптөгөн аймактык долбоорлор үчүн чечүүчү болот. Туруктуулук жана жоопкерчилик – жеке ийгиликтин өзөгүн түзгөн сапаттар жаңы 2016-жылы буга чейин болуп көрбөгөндөй талап кылынат. Бул жылы баарыбызды жакшылык жана ийгилик коштоп, өлкөнүн тарыхында жаңы жаркын баракка айлансын, ар бир үйгө бакыт, ден соолук жана бакубатчылык алып келсин! Бул майрам күндөрү үйүңүзгө кубаныч жана сүйүү толуп, өлкөбүздүн өнүгүүсүнө багытталган жакшы иштер жана башталыштар үчүн сиздерге күч жана эргүү алып келсин! Келе жаткан жыл сиз үчүн ак жолтой болуп, ийгилик жана гүлдөп-өнүгүү ажырагыс досуңузга айланышсын! Сиздерге бакыт, соолубас энергия жана алдыга коюлган максаттарга жетүүдө оптимизм каалайм!

***Жаңы жылыңыздар менен!***

# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын атынан куттуктоо



**Бакыт РЫСПАЕВ,**
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин директору

***Урматтуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери!***

Кыргыз мамлекети өзүнүн эгемендүүлүгүнө ээ болгон алгачкы күндөрдөн тартып эле ага чейинки калыптанып калган борборлоштурулган административдик командалык башкаруудан четтөө зарылдыгын туура деп эсептеп, 1991-жылдын 19-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети, “Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” маанилүү мыйзамын кабыл алган болучу.

Ошол мезгилден тарта Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун туруктуу системасы түзүлүп иштеп, көптөгөн жергиликтүү маанидеги социалдык экономикалык маселелерди чечип, калктын жашоо турмушун жакшыртуунун үстүндө үзүрлүү иш жүргүзүлүп келе жатат.

Бүгүнкү күндө республикабызда жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы менен камтылган 17 райондук, 12 облустук, 2 республикалык маанидеги шаарлар, 453 айыл өкмөттөрү жана алардын жергиликтүү кеңештери бар.

Алар өздөрүнүн иш-аракеттеринде жергиликтүү калктын активдүүлүгүнө таянуу менен өздөрүнүн финансылык өз алдынчалуулугун жана аймактардын туруктуу өнүгүүсүн камсыздоонун үстүндө эмгектенип келе жатышат.

Бул мезгилдин ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук негиздери түптөлүп, алардын ишин уюштуруунун бай тажрыйбасы топтолуп, учурда туруктуу турмушка ашырылып келе жатат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында эл алдындагы өз жоопкерчилигин терең сезген, учурдун чарба жүргүзүү талабын туура түшүнгөн жана аткара билген муниципалдык жетекчи кадрлардын, аппарат кызматкерлеринин чоң отряды тарбияланып чыкты.

Алардын алдыда турган татаал милдеттерди сапаттуу жана өз мезгилинде аткара ала тургандыктарында шек жок.

Сиздерди Жаңы жылыңыздар менен куттуктап жатып, келечекте мамлекетибиздин алдында турган жоопту милдеттерди чечүүгө өзүңүздөрдүн татыктуу салымыңыздарды кошосуздар деген терең ишеничти билдиремин!

Сиздердин бардыгыңыздарга бакубат турмушту, чың ден-соолукту, үй-бүлөлүк бакты-таалайды каалап, иштериңиздерде албан-албан ийгиликтерди мындан ары жарата берүүңүздөргө тилектешмин.

# Өнүктүрүү сясат институтунун атынан куттуктоо

***Урматтуу кесиптештер! Кымбаттуу достор!***

Сиздерди жаңы мүмкүнчүлүктөрдү тартуулап жаткан Жаңы 2016-жылыңыздар менен куттуктайбыз! Ар бирибиздин жашообузга жаңы жыл эмнелерди алып келерин биз билбейбиз, бирок жакындарыбызга кам көрүү, жоопкерчиликтүү жана үзүрлүү ишибиз, үй-бүлөбүздүн сүйүүсү, узун жана бакубат өмүр сүрүүгө болгон биздин ниетибиз 2016-жылдын бардык мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен пайдаланууга дем берет деп ишенебиз!
***Бактылуу болуңуздар!***

***Өнүктүрүү саясат институтунун жамааты***

**Акжолтой ЕЛЕБЕСОВА,**
“Ишеним” НМБнын башкаруу төрайымы[1]

1 “Ишеним” Насыя-маалымат бюросу” Финансы-насыя мекемелеринин ассоциациясы” юридикалык жактардын бирикмеси коммерциялык эмес уюм болуп эсептелет. Уюм ишмердигин Кыргыз Республикасынын аймагында жүргүзгөн, насыя тобокелчилиги бар финансы-насыя мекемелеринин жана башка уюмдардын, ошондой эле менчик формасына карабастан, насыя мамилелер чөйрөсүндөгү ишке түз же кыйыр түрдө байланышкан, финансы-насыя системасын өркүндөтүүгө кызыкдар юридикалык жактардын ыктыярдуу бирикмеси. Ассоциация Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, юридикалык жак катары 2003-жылдын март айында катталган. 2015-жылы насыя маалыматтары менен алмашып туруу системасынын катышуучулары болуп 124 уюм эсептелип калды: бардык банктар (“Толубай” АКБны кошпогондо), 65 МФУ, 31 насыя биримдиги, 1 уюлдук оператор жана 2 лизинг компаниялары. Бюронун маалымат базасында 1,8 млн. насыя таржымалы же калктын экономикалык жактан активдүү 70% тууралуу маалыматтар сакталат.



# Талас облусунда зайымчылардын дээрлик 40 пайызы насыяны кайтарууда кыйналышат

Ар бир адамдын кыялы бар. Насыя ошол кыялды орундатууга жардам береби? Тилекке каршы, жок. Тажрыйба көрсөткөндөй, эгерде негизги жумуштан тышкары кошумча киреше булагы болбосо, бул идея көп учурда чатак ишке, атүгүл кырсыкка да айланышы мүмкүн. Насыя алуу оор деле эмес. Кыйынчылыктын баары ай сайын төлөмдөрдү төлөй турган учур келгенде башталат. Кыргызстандагы жарандардын, өзгөчө элеттиктердин финансылык абалы дайыма эле туруктуу эмес. Киреше көп учурда түшүмдөн жана башка алдын ала божомолдоого мүмкүн болбогон факторлордон көз каранды. Ал арада насыя берүүчү системалуу түрдө төлөөлөрдү талап кыла баштайт. Эмне кылыш керек? Кимдир бирөө биринчи насыясынан кутулуу үчүн башка финансылык мекемеге экинчи насыя алганы жөнөсө, башка бирөө туугандардан же достордон карызга акча сурай баштайт. Шылуундардын кылтагына илинип калгандар да аз эмес. Бирок кандай болгон күндө да карыздын желесинен чыга албай, өзүнүн ансыз да оор абалын татаалдаштырып жиберет.

Зайым алуунун себеби ар кимде ар кандай – машине сатып алуу, үйлөнүү тоюн өткөрүү, бизнести кеңейтүү, үйдү ремонттоо же жөн эле, үйдө ашыкча акча болсун дегендер да бар. Нарын жана Талас облустарынын тургундарынын айтымында, микрофинансы компаниялары ссуда жана насыя бергенге ушунчалык кызыкдар болгондуктан, өздөрү телефон чалып, атүгүл үйгө чейин кирип келгендер да бар. Алар “төмөн” пайыздык ставкалары менен насыяларды берип, муну менен карапайым адамдарды насыя торуна тартышат.

Насыяларды дээрлик арзыбаган нерселер үчүн алышат – тиричилик техникасына, үйдү ремонттоого, кашаанын курулушуна... Болгондо да мында адамдарды жамааттык насыя алууга түрткөн достор, туугандар, кесиптештер кыймылдаткыч күч болуп эсептелет. Адатта бул адамдар карызга акча алгандан пайда деле көрбөйт. Насыяны конкреттүү бизнес пландарга ылайык, аны кайтаруу мөөнөтүн эсептөө менен алып, өз багыты боюнча, олуттуу максат үчүн колдонгондор гана ойлогон оюна жетип, карызынан кутулуп кетет.

“Ишеним” Насыя-маалымат бюросундагы насыя тууралуу маалымат менен алмашып туруу системасынын катышуучулары берген отчетторго сереп жасай келгенде, банк секторунда да, микрофинансы тармагында да 2015-жылдын ичинде карызын

***1-таблица. Төлөмдөрү мөөнөтүнөн кечиккен насыялардын үлүшү***

| ФНМнын түрү | 01.04.2015 | 01.07.2015 | 01.10.2015 | 01.12.2015 |
|---|---|---|---|---|
| Коммерциялык банктар | *10%* | *19%* | *22%* | *22%* |
| МФУ, а.и., насыя биримдиктери | *13%* | *8%* | *9%* | *14%* |

***2-таблица. Насыялар боюнча төлөм мөөнөтүн кечиктирген зайымчылардын үлүшү***

| ФНМнын түрү | 01.04.2015 | 01.07.2015 | 01.10.2015 | 01.12.2015 |
|---|---|---|---|---|
| Коммерциялык банктар | *18%* | *23%* | *27%* | *27%* |
| МФУ, а.и., насыя биримдиктери | *8%* | *8%* | *8%* | *8%* |

мөөнөтүнөн кечиктирип кайтаргандардын саны өскөнүн көрүүгө болот (1-таблицаны караңыз).

1-таблицадан көргөндөй, банк секторунда мөөнөтүнөн кечиктирип кайтарылган насыялардын үлүшү 2015-жылдын биринчи кварталына салыштырмалуу декабрдын башында эки эседен ашык, ал эми микрофинансы секторунда бир пайызга өскөн. Ошону менен бирге төлөм мөөнөтүн өткөрүп жиберген микрофинансы институттарынын зайымчыларынын саны 2015-жылдын 11 айында туруктуу бойдон сакталган. Ал эми банк секторундагы ушундай эле зайымчылардын саны 2015-жылдын биринчи кварталына салыштырмалуу тогуз пайызга өскөн (2-таблицаны караңыз).

Аймактык алкактан алып караганда, төлөм мөөнөтүн өткөрүп жиберген зайымчылардын саны төмөнкүдөй болду (3-таблицаны караңыз). 2015-жылдын биринчи кварталында мындай зайымчылардын эң көп көрсөткүчү Талас облусунда (23%), Ош шаарында (20%), Баткен жана Ысык-Көл облустарында (19 пайыздан) катталган. Жылдын соңунда кырдаал начарлап кетти. Анткени алган насыяларын кайтарууда кыйналган зайымчылардын саны жалпысынан өлкө боюнча 6% өстү. Ал эми облустар боюнча насыяларды кайтаруу мөөнөтүн өткөрүп жиберген зайымчылардын санындагы өсүш 2 пайыздан 13% чейин жетет. Насыяны кайтарууда кыйналгандардын саны боюнча алдыңкы орунда Талас облусу турат. Мында зайымчылардын 36% насыяны төлөөдө кыйналышууда.

Таң калычтуусу, насыя алган дээрлик бардык жарандар адатта өзүнүн финансылык мүмкүнчүлүгүнө, төлөө боюнча милдеттенмелерин аткара аларына терең ишенет. Бирок, эрежеге ылайык, алардын көбү насыя колго тийгенден кийин олуттуу финансылык кыйынчылыктарга туш болот. Болгондо да дээрлик эч ким эч качан чыгашалар жана кирешелер беренелери боюнча өз акча каражаттарына эсеп жүргүзбөйт. Эгерде мындай адаты болгондо, насыя тузагына түшүүгө баары эле көнө бермек эмес.

“Муниципалитет” журналынын бул санында тигил же бул максатка насыя алган бир нече адамдын чыныгы таржымалы менен тааныша аласыз. Алардын окуялары көптөр өз аракетинин ыктымал кесепеттери жөнүндө, бөтөн бирөөнүн акчасын алып, бирок кайра өзүнүкүн кайтарары тууралуу ойлонбогонун далилдейт.

“Ишеним” Насыя-маалымат бюросунун маалыматтарына ылайык, тилекке каршы, мындай окуялар катардагы көрүнүш болуп калды. Адамдар Бюрого өзүнүн насыя таржымалы менен кайрылып, насыя алалбай жатканына даттанышат. Анткени буга чейин насыя алып, өз убагында кутула албай калышкан, тууганы үчүн насыя алып, ага документтерин берип коюшкан, ал болсо алдап кеткен ж.б. Адатта зайымчылар өз аракеттерин финансылык билимдин жетишсиздиги, туугандарына, досторуна жана жакындарына ишенгени менен акташып, насыя берүүчүлөр алардын абалын түшүнүп, кандайдыр бир мунасага барат деп күтүшөт.

Буга байланыштуу акыркы бир нече жылдан бери жергиликтүү банктар жана микрофинансы уюмдары менен кызматташкан эл аралык инвесторлор жана донорлор насыя берүүгө карата мамилени өзгөртүүнү колдоп келатышат. Сөз насыялоо жөнүндө жүрүүдө. Ал төмөнкүнү түшүндүрөт: банктардын жана микронасыя уюмдарынын бул багытта иш алып барган адистери зайымчыларга толук маалыматты берип, тигил же бул насыя продуктусуна байланышкан ыктмал тобокелчиликтерди сүрөттөп берүүгө тийиш. Ошону менен бирге насыя алабы же жокпу – муну кардар чечет. Ал берилген маалыматтын негизинде ага сунушталган насыянын жана анын шарттарынын алгылыктуулугун өз алдынча баалайт. Ыктымал зайымчы насыя келишими түзүлгөндөн кийин болбой койбой турган кесепеттери үчүн жоопкерчилик алганын так жана айкын түшүнүш керек. Ошентип тандоо эркиндиги болочок зайымчыда болот жана соңку чечимди ал өзү кабыл алыш керек. Ал эми насыя адисинин милдети – насыя продуктусу жана

***3-таблица. Аймактык алкактан караганда төлөм мөөнөтүн өткөрүп жиберген зайымчылардын үлүшү***

| Аймак | 01.04.2015-ж. | 01.07.2015-ж. | 01.10.2015-ж. | 01.12.2015-ж. | Өсүү % |
|---|---|---|---|---|---|
| Баткен облусу | 19% | 24% | 27% | 28% | 9% |
| Бишкек | 13% | 15% | 15% | 15% | 2% |
| Жалал-Абад облусу | 14% | 19% | 23% | 25% | 11% |
| Ысык-Көл облусу | 19% | 22% | 24% | 24% | 5% |
| Нарын облусу | 16% | 21% | 24% | 24% | 8% |
| Ош | 20% | 29% | 32% | 32% | 12% |
| Ош облусу | 11% | 11% | 13% | 13% | 2% |
| Талас облусу | 23% | 31% | 34% | 36% | 13% |
| Чүй облусу | 14% | 15% | 16% | 16% | 2% |
| **Баары** | **15%** | **19%** | **21%** | **21%** | **6%** |

түзүлгөн келишимдин кесепеттери тууралуу толук маалыматты чын жана ачык берүү. Ошону менен жоопкерчиликтүү насыялоо эки тараптын – насыя берүүчүнүн жана анын болочок кардарынын насыя берүү жана алуу боюнча чечим кабыл алуу процессин түшүндүрөт.

Анткен менен иш жүзүндө насыя берүүдөгү бул методиканы бардык эле насыя берүүчүлөр колдоно бербейт. Аларда акча бар жана аны алгысы келген, бирок финансылык сабаттуулугу өтө жакшы болбогон кардар жагымсыз кырдаалга кабылышы ыктымал. Ошондуктан насыянын сунушталган шарттарын туура түшүнүү жана аны үстөк пайыздары менен кайтаруу боюнча өз мүмкүнчүлүктөрүн адекваттуу баалай алуу үчүн ыктымал зайымчынын билими, финансылык сабаттуулугу чоң мааниге ээ.

Баяндарды жазып алган ӨСИ адистери:
БУЗУРМАНКУЛОВА Алтынай,
ЖАНАЛИЕВА Гузель,
КЕРИМОВА Жылдыз,
МАЙРАМБЕКОВ Султан,
МАМЫТОВ Азамат,
СЕЙИТОВА Мээрим,
ТУРГАНБАЕВ Кулубек



# Насыялар жарандардын капчыгын кагууда

## Пенсионер балдарына жардам бергиси келген...

72 жаштагы карыя банкка келип, 100 миң сомго насыя алды. Аны жыл ичинде 135 миң сом кылып кайтарып берүү милдеттенмеси менен беришкен. Карыя насыяны Бишкекте үй куруп жаткан балдарына жардам берүү үчүн алган экен. Балдар бул сумманы төлөп берүүгө убада беришкен. Бирок дайыма эле бул мүмкүн болгон жок. Натыйжада карыя карызды өзү, пенсиясынан төлөп келатат. Насыя боюнча карызы жок, бирок тамак-аштан, дары-дармектен, кийим-кечеден өзүн чектөөгө мажбур болуп турат. Пенсионердин кошумча кирешеси жок. Бирок аялы жана үч небереси бар. Чарбасында болгону бир нече тоогу гана бар. Өзүнүн айтымында, насыя алгандан бери анын да, карыган кемпиринин да ден соолугу начарлап кетти. Анткени аялы да насыядан кутулуунун жолдорун ойлоно берип, санаага батып, чүнчүп кетти. Кемпир-чал өтө кыйналып баратышса балдары, туугандары сөзсүз жардам берет деп ишенишет. Анткен менен үй-бүлөдө эч ким чыгашаларга жана кирешелерге эсеп жүргүзбөйт. Карыя болсо эсептегенди жаман көрөт, “бул эркектин иши эмес” деп эсептейт...

## Жолдошу экөө бизнес үчүн насыя алып, сызга отуруп калышты

Беш жана эки жаштардагы эки баласы бар 26 жаштагы келин жарым жыл мурда бизнести өнүктүрүүгө 200 миң сом насыя алган. Ал ижарага алган күркөдө жууп-тазалоочу каражаттарды сатат. Анткен менен алган насыянын жарымы башка иштерге сарпталган: кайниси үйлөнүп, келинге калың беришкен. Жолдошунун туруктуу иштеген

жумушу жок. Насыя алып жатканда кайын журту банкка карызды кайтарууга жардам берерин убада кылышкан. Бирок андан кийин бул акча кайнисинин тоюна кошкон салымы болгонун айтып, карызды берүүдөн баш тартышкан. Товар көп жакшы өтпөй жатат. Анын үстүнө ай сайын насыянын үстөк пайызын гана төлөбөстөн, күнүмдүк жашоого да акча керек. Буга байланыштуу ал досунан 60 миң сом карызга алган. Келин азырынча соодага гана үмүт артып турат. Бирок жакшы киреше табам деген тилегин таш капты. Күйөөсү аялын акчага жолотпойт: белгилүү бир сумманы берет, ал ошону гана корото алат. Экөө эч качан чогуу отуруп алып чыгашаларды пландаштырган эмес. Келин кээде күйөөсү экөө карызды ойлогондо жүрөктөрү мыжыгып кетерин, жолдошу түнт тартып, мындай кырдаалда калганы үчүн күнөөлүү болгонун айтып каларын кошумчалайт. Экөө тең балдарынын келечеги үчүн санаага батып жаткан учур…

## Аялы уруксат сурабастан топтук насыя алган экен

Кийинки окуя эки балалуу жаш үй-бүлө тууралуу. Аялы жолдошуна айтпастан топтук насыя алган экен. Жолдошу жакшы жумушта иштейт жана айына 40-50 миң сомдун тегерегинде туруктуу маянасы бар. Аялынын маянасы 10 миң сомдун тегерегинде. Акча каражаттарына эсеп жүргүзүлбөйт. Айдын аягында акча калбай калат жана эч кимиси ошол акча кайда сарпталганын айта албайт. Насыянын айынан үйдө чыр-чатактар да арбыды, экөө тең бири-бирин күнөөлөйт. Жаш жубайлар менен адистер сүйлөшүп көргөндө алар бир нерсени түшүнүштү: үй-бүлө насыя төлөп жаткан маалда досторго белек-бечкектер, косметика, кийим-кече өңдүү анча маанилүү эмес чыгашаларды кыскарта турууга болот... Ал эми кийин кирешеге эсеп жүргүзүп, чыгашаларды пландаштырып, ошонун негизинде балким аманат эсебин ачуу менен балдардын келечегине кандайдыр бир сумманы бөлүүгө мүмкүн болот.



## Насыянын айынан аял малын сатууга мажбур болду

60тан ашкан аял курбусуна ишенип, топтук насыяга макул болгон. Анын күйөөсү жок, майып баласы менен жашайт. Ай сайын өзү 5 миң сомдун тегерегинде пенсия, баласы болсо майыптуулук үчүн 4 миң сомдон бир аз көп жөлөк пул алышат. Ошентип үй-бүлөлүк киреше болжол менен 9 миң сомго жакын акчаны түзөт. Мындан тышкары иниси бакkan 10 кою да бар болчу. Жарым жылдан кийин аял ооруп калганына байланыштуу насыяны төлөй албай калат. Пенсия менен жөлөкпул дары-дармекке эле кетип калды. Натыйжада пенсионер карызынан кутулуу үчүн болгон малын сатууга мажбур болду…

## Туугандардын насыясы майыптуулукка алып келди

22 жаштагы Калыбек жумушсуз. Ал жалгыз жашайт жана майып. Баары мындан төрт жыл мурда башталган. Калыбек 18 жашка толгондо ата-энеси 100 миң сом насыя алышкан. Расмий себеби – айыл чарбасын өнүктүрүүгө – жер иштетип, айдоо иштерине. Анткен менен дээрлик бардык каражаттар тойлорго, күнүмдүк товарларды сатып алууга жумшалган. Ал эми айыл чарба иштерин айта турган болсок, 20 сотик жерге картошка жана жарым гектар жерге буудай айдалган. Акчанын баары сарпталган. Ошентип насыя кайтарууга акча да жок калды. Бирок ошону менен токтоп калгандын ордуна туугандары машине сатып алууга, ар кандай тойлорго жана башка күнүмдүк иштерге кайрадан насыя алышкан. Эки жылда карыз 300 миң сомго чыккан. Мунун айынан үйдө чыр-чатактар көбөйүп, баары бири-бирин айыптай баштаган. Ата-энесин карыздан куткаруу үчүн Калыбек Якутияга иш издеп кеткен. Ал жакта иштеп жүргөн маалда карыз миллион сомго жеткен. Орусияда тапкан акчасынын баары насыяны тындырууга кетип турду. Натыйжада акча да жок, Калыбек да ден соолугунан ажырады. Анткени Якутияда бутун үшүк чалып, майып болуп калган. Бул болсо үй-бүлө күтүп, иш табууга жолтоо болуп келет…

## Кызын карыз алып турмушка узатып, эч нерсеси жок отуруп калды

57 жаштагы Сабатар өткөн жылы 100 миң сом көлөмүндө насыя алып, аны кызы үчүн сеп даярдаганга жумшаган. Кызы турмушка узагандан бери бир жыл өтүп, неберелүү да болуп калды, бирок карызынан дагы эле кутула элек. Канткен күндө да мындай болору башынан эле белгилүү болчу – Сабатардын туруктуу иштеген жумушу, мындан улам кирешеси жок. Ал короосундагы болгон малын сатып, акыр аягында балдарынан жардам сурап кайрылууга мажбур болду. Балдары үчүн бул кошумча көйгөй пайда кылган кабар болду. Сабатардын айтымында, өткөн жыл анын жашоосундагы эң оор мезгил болду. Ал төө буурчак сатып, карыздан кутулам деп пландаган. Бирок төө буурчактын баасы

кескин түшүп кетип, ой максаты ишке ашпай калды. Бирок муну менен катар сабак да алды – болду, ал мындан кийин эч качан насыя албайт. Болгону ушунусунан эле кутулуп алса болду…

### Насыяга алынган машине – азапка айланган кыял

34 жаштагы Рамилдин бир гана көксөгөн кыялы бар болчу – машине сатып алуу. Акча чогулбай койгондуктан насыя алууну чечет. Бирок банк насыяны доллар менен эки жылга берерин укса да, Рамил бул шарттарга көнөт. Ошентип ал BMW үлгүсүндөгү машине сатып алды. Кыялы орундалгандай боло түштү. Анын үстүнө ай сайын тапкан кирешеси насыядан кутулууга да, үй-бүлөсүн багууга да жетип турду. Бирок доллардын наркы бир заматта өсүп, аны менен кошо машиненин баасы да асман чапчыды. Ошондо Рамил мындай акчага эч качан машине сатып алалбай турганын да, аны сата албастыгын да түшүндү. Эми анын күнү-түнү ойлогону бир гана нерсе – тезирээк насыядан кутулуп, эч качан бул тузакка түшпөө.



## Насыялар үй-бүлөлөрдү талкалоодо

### Күйөөсү насыя алып, андан кийин аялын, балдарын таштап кетти…

Жумушсуз Гүлнара 34 жашта. Өткөн жылы күйөөсү жергиликтүү базарда соода кылуу үчүн товар сатып алууга 60 миң сом насыя алган. Товарлар өтө начар сапатта болуп, такыр өтпөй койду. Ошондо күйөөсү башка бизнести баштады – ири мүйүздүү мал сатмай болуп, бул үчүн өзү жашаган үйдү күрөөгө коюп, дагы 100 миң сомду насыяга алган. Өз убагында малды эмдетпегендиктен, баккан малы бир заматта кырылып калган.

Ай сайын насыя үчүн карызды берип туруу үчүн үй-бүлө мүлкүн сатууга мажбур болду. Бирок бул да жеткен эмес, анткени үстөк пайыз улам өсүп турду. Насыя берүүчүлөр күрөөгө коюлган тамдан чыгып кетүүнү талап кыла башташты. Натыйжада

күйөөсү аялын балдары менен калтырып, дайын-дарегин билдирбей, үйүнөн качып кеткен. Ал эми насыя берүүчүлөр мурдагыдай эле каалганы каккылай беришти. Көчөдө калбоонун амалын издеп, аял тугандарынан жана досторунан карызга акча ала баштады. Акыры алар да акча бербей калышты. Ошондо аялдын аргасы түгөнүп, насыяны тындырып берсе, интимдик кызмат көрсөтүп берерин айтып, күйөөсүнүн бакубат жашаган тууганына кайрылган. Бактыга жараша, ал киши абийирдүү болуп, кырдаалдан пайдаланып кеткен жок. Ал толугу менен карызды төлөп, Гүлнарага жана анын балдарына эркиндик алып берди…



## “Күркүл” көрүнүү ниети үй-бүлөнү бузду...

25 жаштагы Жаныбек ажырашкан жана учурда жумушсуз. Бирок башында баары жакшы башталып келаткан. Бир нече жыл мурда атасы жалгыз уулуна үйдү белекке берген. Ал ушул жерде үй-бүлөсү менен жашайт деп кыялданчу. Өткөн жылы Жаныбек үйлөнөйүн деп чечет, бирок үйлөнүү тоюна акча жетпегендиктен үч жылга 300 миң сом насыя алат. Той чоң шаан-шөкөт менен өтөт. Ага дээрлик 550 миң сом кеткен. Туугандары тойду өтө жогору баалап, мактап бүтө алышпады.

Жигит карыздан жакшы, туруктуу маянасы менен кутулуп турууну ойлогон. Бирок бир заматта иштен бошотулуп, финансылык кыйынчылыктар башталган. Аялы да, өз ата-энеси да насыя тууралуу билген эмес. Насыя уюмдан кат алгандан кийин гана аялы карыз тууралуу кабардар болот. Ошентип үй-бүлөдө уруш-талаштар башталып, көп өтпөй эки жаш ажырашып тынышты. Жаныбек бир нече ай курулушта иштеп жүрдү. Бирок бул да убактылуу жумуш эмеспи. Дагы бир жумуштан айрылгандан кийин, карызын төлөй албай калган Жаныбек акыры ичип кетти.

Бул окуя Жаныбекте насыя алардан мурда финансылык пландаштыруу болбогонун тастыктайт. Өтө чыгашалуу той өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө анализ жасалган эмес.

Ошентип туугандары, достору алдында “күркүл” көрүнөм деп, натыйжада Жаныбек үй-бүлөсүз да калып, карыздан да башы чыкпай калды. Элибиздин ойдон чыгарылган жаңы “салт-санаалары” үчүн мүнөздүү болгон ашыкча чыгымдар ал үчүн трагедияга айланды.

## Карызга өткөрүлгүн үйлөнүү тою бакыт алып келбейт

56 жаштагы Ырысбүбү болгон күчүн университеттин бюджеттик бөлүмүнө өтө албай, контракт төлөп окуган баласына жумшап турган. Өткөн жылы баласы окууну аяктап, үйлөнө турганын айтат. Акча чогултуп, той өткөрүү үчүн жок дегенде 1-2 жыл күтө турууну суранган апасын уулу уккан жок. Бир нече жолу катуу урушкандан кийин Ырысбүбү акыры 180 000 сом өлчөмүндө насыя алат. Бул акча толугу менен той өткөрүп, калың төлөгөнгө жумшалат. Үй-бүлөнүн туруктуу кирешеси жок, баласы эч жерде иштебейт, ай сайын насыянын үстөк пайызын төлөп туруу кыйын болуп жатты. “Ай сайын 20 күн кадимкидей эле жашайбыз. Насыя төлөргө 10 күн калганда үйдө уруш-талаш башталат. Мен ачууланып, балама кыйкыра баштайм, аны күнөөлөйм. Келиним мунун баарын угат, уруш анын айынан болуп жатат деп түшүнөт. Биздин үйдөгү кырдаал өтө оор, келиним кош бойлуу. Эң негизгиси – үйдөгү маанай курсактагы балага терс таасирин тийгизбесе эле болду”, - деп үшкүрүнөт Ырысбүбү. Насыядан толугу менен кутулуу үчүн бир нече ай калды, бирок Ырысбүбү мындан кийин эч качан насыя албайм деп өзүнө сөз берди. М

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ



## Кыргызстандын жарандары жергиликтүү өз алдынча башкарууга ишенет жана ага ийгиликтүү катышууда.

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Биринчи фазасын аткаруунун жыйынтыктары, 2011 - 2015

**Сабина ГРАДВАЛЬ, Асель МАМБЕТОВА**
ЭҮЖӨБож долбоорунун менеджерлери

“Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору (ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) 2011-жылдын ноябрь айында Швейцария Өкмөтүнүн демилгеси менен башталган. Швейцария – дүйнөгө күчтүү федерализм жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу салттары менен таанылган. Бул өлкөдө жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу укуктары бекем сакталат. Ошондуктан 2010-жылдагы окуялардан кийин Швейцария Өкмөтү жергиликтүү жамаат менен кызматташтыкты күчөтүп, жарандарды бюджетти пландоо процессторине жигердүү тартып, муниципалдык башкаруунун жана кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына колдоо көрсөтүүнү чечти. 2011-жылы кыргыз өкмөтүндө бир топ көйгөйлөр болсо да, негизги көңүл мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө, парламенттик башкаруунун жаңы формаларын түзүүгө, социалдык туруктуулукка жетүүгө, экономикалык өсүштүн ыргактарын калыбына келтирүүгө бурулду. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу ма-

селелерине кирген эмес. Ошондуктан Швейцария Өкмөтү тарабынан колдоо өтө маанилүү жана өз убагында болду. Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) эл аралык деңгээлдеги таза атаандаштык күрөштүн натыйжасында бул долбоордун аткаруучусу болуп тандалды. Эл аралык тендерди уткан жергиликтүү уюм катары ӨСИ Швейцариянын Өкмөтү жана Элчилиги алдында да, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алдында да өз жоопкерчилигин толук сезип турду. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Биринчи фазасы Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында ишке ашырылып, 130га жакын айылдык аймакты камтыды. 2015-жылдын жаз мезгилинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоору биринчи фазасын аталган эки облуста жыйынтыктап, экинчи фазага өттү. Анын алкагында Долбоор эми Чүй, Ош жана Нарын облустарында иш алып бармакчы. “Муниципалитет” журналы өзүнчө муниципалитеттердин жана жамааттардын деңгээлинде, улуттук деңгээлде ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун иши тууралуу үзгүлтүксүз маалымдап келатат. Ошентсе да журналдын редакциясы өз окурмандары менен биринчи фазаны аткаруунун жалпы жыйынтыктары менен бөлүшүп коюуну туура тапты.



# Жалпы таасири

2011-2015-жылдары Кыргызстан 2010-жылдан кийин жок болуп бараткан башкаруу системасындагы борборлоштурууну азайтуу векторуна жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу темасынан донорлордун четтей баштоосуна күбө болду. Атүгүл 2013-жылы Кыргызстан тескери саясий процесске – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына каршы келген борборлоштуруу жана мамлекеттик аткаруучу бийликтин вертикалын күчөтүү коркунучуна кабылды. Өзүн оң жагынан көрсөтө алган борборлоштурууну азайтуу аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү маселелерине саясий чечимдерди кабыл алган адамдардын көңүлүн кайрадан буруу өлкө үчүн өтө маанилүү болчу. Долбоор дал ушундай шарттарда ишин баштады. Долбоордон жергиликтүү гана эмес, улуттук деңгээлде да көп аракеттер жана жигердүү иштер талап кылынды.


Борборлоштуруу азайтылган системада эффективдүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу, эрежеге ылайык, жарандардын жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууга катышуусунун чыныгы мүмкүнчүлүктөрү, бийлик органдарынын жергиликтүү жамаат алдында чыныгы отчеттуулугу менен мүнөздөлөт. Мындай отчеттуулук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджеттин каражаттарын ачык-айкын жана максаттуу колдонуу менен жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн мүмкүн болушунча көбүрөөк канааттандырган кызмат көрсөтүүлөрдү кепилдейт. Бир жагынан жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жарандардын катышуусун күчөтүүгө жетүү жана экинчи жагынан жергиликтүү финансыны тиешелүү деңгээлде колдонуу менен ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын жогорулатуу – Долбоордун жалпы максаты. Алгачкы үч жылда Долбоор Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын аймактарында 29 пилоттук жана 100гө жакын өнөктөш муниципалитеттер менен иш алып барды. Мында башкаруунун борборлоштурууну азайтуу системасынын жогоруда аталган мүнөздөмөлөрүн тастыктаган ийгиликтер жетишилди. Максатына жетүү үчүн Долбоор ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттын дараметин жогорулатуу, ЖӨБ органдарынын жана жигердүү жарандардын алынган билимин практикада колдонуу боюнча иштерди кошкондо, түрдүү деңгээлдерде иш-чаралар комплексин өткөрдү. Ошондой эле ЖӨБдү

***1-диаграмма. Жарандардын ишеним индекси, 2014-жыл.***





Булак: КР Улуттук статистика комитети

***2-диаграмма. ЖӨБ органдарына карата ишеним деңгээлин орточо Кыргыз Республикасы боюнча жана Жалал-Абад менен Ысык-Көл облустарында салыштыруу***




Булак: КР Улуттук статистика комитети

***3-диаграмма. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун пилоттук облустардын турмуш шартына тийгизген таасири тууралуу жарандардын пикирлери***




Булак: ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун сурамжылоосунун жыйынтыктары

өнүктүрүүгө, бюджеттер аралык финансылык системаны реформалоого басым жасоо менен борборлоштурууну азайтууга, берилген ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүдө жана каржылоодо ачыктыкка жетүүгө, муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу системасын түзүүгө багытталган реформаларды колдоо үчүн мамлекеттик органдар менен жигердүү иштер жүргүзүлдү.

Жергиликтүү жамаат алдында чыныгы отчеттуулук дайыма өз ара мамилелерге, тараптардын бири-бирине болгон ишеним деңгээлине оң таасирин тийгизет. Аталган Долбоордун алкагында дараметти жогорулатуу жана ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат алдындагы жоопкерчилигин күчөтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына болгон ишенимдин өсүшүнө алып келерин тастыктаган далилдерди көрө алдык. КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтары жалпысынан ЖӨБго болгон ишеним өскөнүн тастыктоодо. Ал эми Долбоор биринчи фазада иштеген облустарда ишеним деңгээли өлкө боюнча жогору болгон (1-2-диаграммаларды караңыз). Кыргыз Республикасынын элеттик жана айрым шаардык муниципалитеттерде жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыктарына ылайык, 2012-2014-жылдардын этегинде долбоордун алкагында (2200 респондент) Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы респонденттердин 41% муниципалитеттерде турмуш шарты оңолду деп эсептешет (3-диаграмманы караңыз).

Мындай жетишкендиктер ЭҮЖӨБОЖ Долбоору тарабынан иштелип чыккан Кыргыз Республикасында Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу моделин жайылтуунун жардамы менен мүмкүн болду. Модель пилоттук облустарда иштеп кете аларын жана иш жүзүндө пайда алып келээрин көрсөтө алды жана ушул күнгө чейин жайылтылууда. Модель, анын механизмдери жана аспаптары беш бөлүктөн турган жана мындан ары да толуктала турган “Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу” окуу материалдар жыйнагында кеңири сүрөттөлгөн.

Модель өзүнө жамааттардын муктаждыктарын изилдөө, аймактын жана ЖӨБ органдарынын ишин жамааттын, жергиликтүү артыкчылыктардын негизинде өнүктүрүүнү пландоо принциптерин; жергиликтүү маанидеги маселелерге карата ЖӨБ органдарынын ишине коомдук мониторинг жүргүзүүнү; ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамаат алдында жоопкерчилигин, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу маселелеринде толук ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун камтыйт.

Долбоордун улуттук деңгээлдеги иши Жогорку Кеңеш, премьер-министрдин аппараты, Финансы министрлиги, ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик жана башка мамлекеттик органдар менен кызматташтыкка багытталган. Кызматташуу көбүнчө юридикалык, эксперттик жана техникалык экспертизаларды жүргүзүү менен мүнөздөлгөн. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнөктөштөрү менен биргеликте сунушталган реформалар үзгүлтүксүз коомдук талкууга коюлуп турган. Ошондой эле Долбоор борборлоштурууну азайтуу жана кеңири коомчулуктун арасында ЖӨБдүн оң имиджин колдоо маселелерин жайылтууда башка дагы аспаптарды колдонгон. Акыркысы массалык маалымат каражаттарын кошкондо түрдүү каналдардын жардамы менен жетишилген. ММКнын өкүлдөрү атайын окуудан өтүп, коомдук талкууларга, атайын уюштурулган пресс-сессияларга жана пилоттук муниципалитеттерге иш сапарларга катышты.

Долбоордун биринчи фазадагы иши бюджеттин

айкындуулугу жана ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат алдындагы отчеттуулугу жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга алып келээрин тастыктады. Анткени өз укуктарын, аны менен катар ЖӨБ органдарынын укуктарын жана милдеттемелерин билген жашоочулар өз керектөөлөрү тууралуу ачык айтып, маалыматты талап кылат, конструктивдүү сунуштарды берет жана жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкарууга мурдагыдан да жигердүү катыша баштайт. Долбоордун 1-фазасын ишке ашырган маалда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өркүндөтүү боюнча чоң иштерди жасады. Ошентсе да муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу азырынча ченемдик база менен гана чектелип турду. Ошентип жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга карата Кыргызстандын колдоосуна чоң муктаждык кала берүүдө. Швейцария Өкмөтү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ишинин жыйынтыктарын изилдеп көрүп, бул муктаждыкты баалоо менен, жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча жаңы Долбоорду баштап, Кыргызстанга колдоо көрсөтүү жана бул чөйрөнү өнүктүрө берүү тууралуу чечим кабыл алды[1].

[1] ПСИ долбоору Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланып, Хельветас Интернейшнл жана ӨСИ консорциуму менен аткарылат. Долбоор 2015-жылдын сентябрында ишке ашырыла баштады. 1-фазанын географиясы – КР Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустары.



# 1-жыйынтык. Жергиликтүү жамааттар (ЖКУну кошкондо) жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөрдү башкаруу процессине катышууда

Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы элеттик муниципалитеттердин 37 000ден ашуун тургуну жергиликтүү бюджеттик процесске катышуу менен кызмат көрсөтүүлөргө таасирин тийгизе алышты. Мындай өзгөрүүлөр жарандардын жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процесине катышуусунун, ЖӨБ органдарына өз муктаждыктарын жана көйгөйлөрүн туура жеткире алуусунун, ЖӨБ органдарынан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү жана жергиликтүү ресурстарды, анын ичинде жергиликтүү бюджеттердин каражаттарын колдонгону тууралуу отчетту талап кылуусунун натыйжасы болуп эсептелет.

## 1.1. Жергиликтүү жамааттар жергиликтүү деңгээлдеги бюджеттик процесске катышууда

29 элеттик муниципалитеттин 27 миңден ашуун тургуну жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоого (ЖМБА) катышуу аркылуу жергиликтүү бюджеттик процесске тартылышты. ЖМБА маалында жа-



деңгээлин жогорулатуу, жарандардын активдүүлүгүн жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун арттыруу максатында Долбоор тарабынан атайын иш-чаралар каралган. Айталы, мыкты практикаларды – жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу катышуусунун, ЖӨБ органдары менен биргелешип жамааттын актуалдуу маселелерин чечүүсүнүн мисалдарын аныктоо үчүн жергиликтүү коомдук уюмдар жана жарандык коом уюмдары (ЖКУ) арасында сынактар уюштурулду. Ошентип ЖӨБ органдары менен өнөктөштүктө жергиликтүү жамааттардын демилгелери боюнча ишке ашырылган жергиликтүү долбоордун ичинен 293 мисал үлгүлүү деп табылып, "Жергиликтүү демилге" деп аталган үч сынакта байгелүү орундарды ээлешти. Жарандарды чечим кабыл алуу процессине катыштырууга кошкон салымы үчүн 50 мыкты мисалдын демилгечилеринин ролу өзгөчө белгиленип, баалуу белек алышты. Бул демилгечилер өз айылдарында ушул күнгө чейин жигердүү иш алып барышууда. Ар бир сынактын жыйынтыгы боюнча Долбоор атайын форумдарды өткөрүп турду. ЖӨБ органдарынын, жергиликтүү ЖКУнун, жергиликтүү жамааттардын жана массалык маалымат каражаттарынын 330дан ашык өкүлдөрү тажрыйба менен таанышып чыгып, сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоого катышып, жамааттын катышуусунун артыкчылыктарын талкуулашты. Ошондой эле алар чечим кабыл алуу процессинде ийгиликтүү өз ара аракеттенүүдө жана катышууда КЭУнун жана жергиликтүү жамааттардын жоопкерчилигин, алдыңкы тажрыйбаны андан ары жайылтуунун маанисин да талкуулай алышты.

шоочулар ЖӨБ органдарына өз керектөөлөрүн жана көйгөйлөрүн жеткире алышты. Иш-чараларды ЖӨБ органдары жана атайын окуудан өткөн жигердүү жергиликтүү тургундар өткөргөн (окууларга 3700 киши катышты). Жаңы Модель эки облустун пилоттук жана башка муниципалитеттерине ЖМБА маалында жашоочулар айткан конкреттүү көйгөйлөрдү чечүү боюнча аткарылчу иштердин планын киргизүүгө, аларды чечүү үчүн бюджетке чыгашаларды киргизүүгө жана пландардын андан ары аткарууга жардам берди. Дал ушундай алгоритм ЖӨБ органдарынын калк алдындагы реалдуу жоопкерчилигин көрсөтүп турат.

Моделдин иштеп кетиши көп учурда жашоочулардын активдүүлүгүнөн да көз каранды. Пилоттук муниципалитеттердин ийгилиги жарандардын ЖМБА-иш-чараларына, чогулуштарга, коомдук угууларга, окутуучу иш-чараларга, ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуусунан улам мүмкүн болду. Бул үчүн жергиликтүү жамааттарда 114 демилгелүү топ түзүлүп, аларга 1300дөн ашык киши катышты. Алар конкреттүү маселелерди чечүүгө кызыгуусун жана даярдыгын билдиришти (мисалы, жаштар үчүн эс алууну уюштуруу маселесин чечүү боюнча топ, же мектепке чейинки билим берүүнү уюштуруу менен маселени чечүү боюнча топ). Демилгелүү топтор ЖӨБ органдары менен кызматташтыкта ЖМБАнын жүрүшүндө аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча 26 биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышты. Алар ошол пландарды ишке ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана ЖӨБ органдарынын жарандардын көйгөйлөрүн чечүү боюнча иштери тууралуу калктын кеңири катмарларына маалымат жеткирүүгө катышты.

## 1.2. Жергиликтүү жамааттар өз долбоорлорун иштеп чыгып, ишке ашырууда

Элетик муниципалитеттерде жарандык коомду күчтөндүрүү, жергиликтүү жамааттар менен ЖӨБ органдары ортосундагы өз ара аракеттин

## 1.3. Жарандар ЖӨБдүн ишине баа берүүдө

Шаар жана элет тургундары көчөгө жакшы же жаман маанайда чыкканда, таза же кир аялдамада коомдук транспортту көпкө же аз убакыт күткөндө, балдарын жылуу жана ыңгайлуу же суук бала бакчага жибергенде, караңгы же жарыгы бар көчөлөрдөн үйлөрүнө кайтып келатканда ЖӨБ органдарынын ишине баа беришет. Адамга жашаган жердин шарттарын баалап туруу мүнөздүү. Бирок эгерде бизге начар жолдор жана караңгы көчөлөр жакпаса, жаштарда жана балдарда окуудан бош убакытты пайдалуу өткөрүү мүмкүнчүлүгү болбосо, биз өзгөрүүлөрдү кааласак, анда ошол берилген баа ЖӨБ органдарына жетүүгө тийиш. Анын

үстүнө эгерде ЖӨБ органы жамааттын аныкталган артыкчылыктарына жооп катары жолдорду оңдоо, жаштар үчүн бош убакытты уюштуруу боюнча планды иштеп чыкса, анда жоопкерчиликтүү жигердүү жашоочулар да болуш керек. Алар биргелешкен аракеттер планынын аткарылышына көз салып, маселелердин чечилип жатышына мониторинг жүргүзүп, бийликтин жасаган иштери тууралуу отчетторун тастыктап, же четке кагыш керек. Пилоттук муниципалитеттерде иш дал ушинтип түзүлгөн. Эми ЖӨБ органдары биргелешкен аракеттер планын аткарып, буга байланыштуу жергиликтүү жамаат алдында отчет беришет. Жашоочулардын катышуусунда пландардын аткарылышына мониторинг жүргүзүлөт. 26 Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу (МжБ) түзүлгөн. Биргелешкен аракеттер планынын (БАП) аткарылышын көзөмөлдөө, өзгөчө көйгөйлүү жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо максатында бул топторго 197 киши кирген (алардын ичинен 41% аялдар). Атайын окуудан өткөн БМжБ топторунун мүчөлөрү ЖӨБ органдарына көп учурда подрядчылар аткарган ремонттук-курулуш иштерине байланышкан инфраструктуралык долбоорлордун аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө да жардам берип келишет. БМжБ топторунун мүчөлөрү – бул айылда болуп жаткандарга кайдыгер карабаган, бюджеттик каражаттар эмнеге сарпталып жатканын, бул каражаттарды ЖӨБдүн айрым бөлүмдөрү, АӨ кызматкерлери жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөр кантип иштетип жатканын билгиси келген жарандар. Жарандардын өзүнүн бош убактысын БМжБ тобунда өткөрүүгө, объекттерди кыдырууга, калк арасында сурамжылоо жүргүзүүгө, ЖӨБ аппараты менен жолугушууга жана албетте коомдук талкууларды даярдоого жана аларга катышууга короткону өтө маанилүү.




# 2-жыйынтык. Жарандардын муктаждыктарына жооп кайтаруу үчүн ЖӨБдүн башкаруучулук дарамети өстү

250 ЖМБА-сессиянын жүрүшүндө айтылган көйгөйлөрдү чечүү үчүн жергиликтүү жамаат алдында отчет берип калган ЖӨБ органдарынын башкаруучулук дараметин жогорулатуудан 700 000ден ашуун жашоочу пайда тапты. ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын окуудан өткөн өкүлдөрү менен диалог түзүп, жергиликтүү жамаатты бюджетти талкуулоого катышуу мүмкүнчүлүгү менен камсыздашты. Үч жылда эки пилоттук облустун муниципалитеттеринде 80ден ашуун коомдук бюджеттик талкуу өтүп, анын натыйжасында жашоочулардын кошумчалары жана сунуштары боюнча жергиликтүү бюджеттерге 176 өзгөртүү киргизилди. ЖӨБ органдары бюджет долбоорло-

ру боюнча да, алардын аткарылышы боюнча да угууларды өткөрүп турушту. Көпчүлүк жашоочулар үчүн мындай иш-чаралар жаңылык болду. Кимдир бирөөлөр ресурстардын чектелүү болгонуна, башкалары АӨ аппаратынын кызматкерлеринин эмгек акысы төмөн болгонуна айраң таң болуп кетсе, кээ бирлери "андан ары да иликтеп, чыныгы сандарды казып чыгууга" даяр болуп үйлөрүнө кайтып жатышты. Башкалары болсо кошуналары менен бирге таштанды үчүн көбүрөөк акча чыгарууга, же жергиликтүү бюджеттин эсебинен материалдар сатып алынган шартта объекттин ремонту үчүн салым кошууга даярдыгын билдиришти. Түрдүү муниципалитеттер – ар башка сезимдер. Бирок коомдук угуулардын катышуучулары маалыматка ээ болуп, кызыгуусун билдирип, кайдыгер эместиги аларды бириктирген фактор болуп эсептелет.

## 2.1. Жергиликтүү жамааттарды жергиликтүү деңгээлдеги бюджеттик процесске тартуу боюнча ЖӨБ органдарынын тажрыйбасы

ЖӨБ органдары коомчулук үчүн бюджеттик маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыздап, жергиликтүү жамааттарды жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине тартышат. Пилоттук облустардагы муниципалитеттер жамааттардын бюджеттик процесске катышуусун камсыздоо үчүн бюджеттик угууларды өткөрүү, бюджеттик маалыматтарды (бюджет долбоорлорун, бюджеттин аткарылышы тууралуу отчетторду, бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн инфографиканын элементтерин кошуу менен жеткиликтүү тилде даярдоо) басып чыгаруу аркылуу түрдүү аспаптарды колдонушат. 29 максаттуу муниципалитет финансы бөлүмдөрдүн мыкты иш алып баруусу үчүн компьютерлер менен, коомдук угууларды, чогулуштарды, жыйындарды мыкты өткөрүү үчүн атайын жабдуулар (үн күчөткүчтөр, презентацияларды даярдоо үчүн жабдуулар ж.б.) менен камсыздалды. Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы муниципалитеттердин 50дөн ашык айылында 60тан ашуун маалымат керегеси орнотулган. Ал жерлерде ЖӨБОнун, жергиликтүү кеңештин иши тууралуу маалыматтар жайгаштырылган – пландар, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттор жана Маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө Мыйзамдын талаптарына ылайык маалыматтын башка түрлөрү. Бардык 29 пилоттук муниципалитет маалымат бюллетендерин чыгарганды үйрөнүп, муну жасай башташты. Бул бюллетендерде ЖМБАнын жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөрдү жана жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечүү боюнча пландардын аткарылышы, Демилгелүү топтордун жана БМжБ топторунун мүчөлөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга жигердүү катышуусу тууралуу айтып беришет.



## 2.2. ЖӨБ органдарынын кызматкерлери жана жергиликтүү кеңештин депутаттары арасында билим деңгээлин жогорулатуу

Долбоордун алкагында көптөгөн окуу иш-чаралары, анын ичинде ЖӨБдүн укуктук негиздери, ролу, функциялары, муниципалдык финансыны башкаруу, жамааттын бюджеттик процесске катышуусу, коомдук ресурстарды ачык-айкын башкаруу, чогулуштарды жана башка коомдук мааниге ээ болгон жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү, жергиликтүү жамааттын Уставын талкуулоо жана кабыл алуу тартиби ж.б. боюнча тренингдер өткөрүлдү.

Окуудан өткөндөрдү милдеттүү түрдө тестирлөөнүн жыйынтыктары түрдүү темалар боюнча окуудан өткөн ЖӨБОнун 16 300 өкүлүнүн билим деңгээли 33% өскөнүн көрсөттү. 30дан ашык муниципалитет жаңы билимди колдонуп, атайын уюштурулган иш сапарлары маалында кошуналар менен тажрыйба бөлүштү. Өлкө ичинде мындай окуу сапарлары дараметти көрсөтүү, тажрыйба алмашуу жана өнүктүрүү үчүн эффективдүү каражат болуп калды. 20 иш-чаранын 900 катышуучусунун ичинен көбү "тең теңге" принциби боюнча өз муниципалитеттеринде жаңы мамилелерди кабыл алуу үчүн дем берүүчү катары эффективдүү болгонун көрсөтүүдө. Тренингден жана Долбоор менен кызматташуунун алкагында алган билимди муниципалитеттер кантип колдонуп жатканы тууралуу макалалар "Муниципалитет" журналында көп жолу чыкты. Биздин журнал жаңылыктар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы тийиштүү улуттук реформалар тууралуу түшүндүрмөлөрдү басып келатат. "Муниципалитет" журналынын 25 чыгарылышы 24 000ден ашуун нуска менен чыгып, бардык муни-



руу көндүмдөрүн жакшыртуу менен ЖӨБ органдары үчүн “машыктыргыч” ролун ойнойт. Гранттык программанын дал ушул өзгөчөлүгү мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүдө ЖӨБ органдарынын дараметин жогорулатуу зарылдыгын көрсөттү. Бул үчүн Долбоор КР Финансы министрлигинин Окуу борборунда бардык грант алуучулар үчүн окуу уюштурду. Долбоордун эксперттери ЖӨБ органдарынын тендерлерди даярдоосуна жана өткөрүүсүнө экспертиза жүргүзүштү. Эми ошол ЖӨБ органдарында сертификаты бар адистер иштеп жатат. Ошондой эле Долбоор гранттардын эсебинен каржылана турган долбоорлорго маанилүү техникалык экспертиза өткөрүүгө жардам көрсөттү. Бул болсо эффективдүү инвестициялоону жана узак мөөнөттүү жыйынтыктарга жетүүнү камсыздоо үчүн андан да актуалдуу болууда.

ципалитеттерге жана Өкмөткө, улуттук деңгээлдеги башка өнөктөштөргө таратылып берилди.

## 2.3. Инвестициялык долбоорлорду (чакан гранттар программасы) башкарууда көндүмдөр жакшырды

ЖӨБ органдары инвестициялык долбоорлорду башкаруунун көндүмдөрүн жакшырта алышты. Эки пилоттук облустагы 53 ЖӨБ органы ЖМБА-иш-чараларынын жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөрдү БАПка киргизишти, Демилгелүү топтордун лидерлери менен биргеликте долбоорлорду иштеп чыгып, сынактарда акыйкат жеңиштин жыйынтыгы менен гранттарды алышты. Айталы, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы 53 муниципалитетте Долбоордун чакан гранттар программасынын каражаттына 113 долбоор ишке ашырылды. Бул долбоорлор ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун эсебинен каржылангандан тышкары, бир катар муниципалитеттер ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен иштелип чыккан материалдарды колдонуу менен өзүнүн долбоордук идеяларын каржылоону башка булактардан таба алганын белгилей кетүү керек. Жергиликтүү жамааттар, демөөрчүлөр (бизнес ж.б.), GIZ жана дем берүүчү гранттар системасы аркылуу КР Финансы министрлиги ЖМБА-нын жүрүшүндө аныкталган маселелерди чечүү үчүн каржылоо булактары болуп калды. Пилоттук эмес муниципалитеттер бул методологияны биринчи кезекте гранттык каржылоо келечеги бар болгон үчүн кабыл алышты. Көпчүлүк долбоорлор жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөр жаатында көптөн бери келаткан көйгөйлөрдү чечүүнү талап кылат жана көпчүлүгү жарандардын жашоосуна түздөн-түз таасирин тийгизет. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун гранттык программасы жергиликтүү керектөөлөргө багытталган көпчүлүк башка донордук программалардан бир топ айырмаланат. Негизги айырмачылык – ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун гранттары жергиликтүү бюджетке түшөт. Ошону менен бирге ар кандай инвестицияларды башка-

Мындан тышкары гранттар жамааттардын процесске катышуусунда пилоттук эмес муниципалитеттерди мобилдештирүү үчүн мыкты стимул болуп калды. Көпчүлүк гранттар башка булактардан, анын ичинде жергиликтүү бюджеттерден каржыланган долбоорлорду кошо каржылоо үчүн колдонулуп келет. Алардын чакан көлөмүн эсепке алуу менен (1 миллион сом көлөмүндө гранттар) жергиликтүү кызматтарды көрсөтүүдө, инфраструктураны түзүүдө же жакшыртууда андан да олуттуу инвестициялар үчүн стимул катары каралса болот. Негизгиси – чакан гранттар программасы иш жүзүндө ЖӨБ органдары үчүн машыктыргыч болуп калды.

Жалпысынан 700 000ден ашуун жашоочу ишке ашырылган инвестициялык долбоорлордон пайда алды. Ар бир ишке ашырылган долбоор актуалдуу көйгөйлөрдү чечип берүүгө жардам бергендиктен жамаат үчүн маанилүү. Түз таасиринен тышкары, ишке ашырылган долбоорлор гендердик теңдикти камсыздоо, эмгек базарынын өнүгүүсүнө көмөктөшүү өңдүү чөйрөлөргө оң таасирин тийгизип келет. Мисалы, Кум-Бел муниципалитетинде буга чейин иштебей турган бир бала бакчаны гранттык долбоордун инвестициясынын жардамы менен оңдогондон кийин 25 аял иш менен камсыздалды.

Ошондой эле Долбоордун гранттык программасы жарандардын активдүүлүк деңгээлин жогорулатуу боюнча долбоордун ишин баалоого жардам берди. Бардык долбоорлор БМжБ тобунун туруктуу мониторинги алдында болду. Бул топтор ЖӨБ органдарына долбоорлорду ишке ашыруунун жүрүшүн, сапатсыз товарларды жана жабдууларды сатып албоону көзөмөлдөп турууга, жеткирип берүүчүлөрдүн ишти өз убагында аткаруусун камсыздоого жардам берип турушту. Бул болсо Моделдин ийгилигин жана туруктуулук жетишилгенин тастыктап турат. М



# 3-жыйынтык. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана борборлоштурууну азайтуу боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана борборлоштурууну азайтуу чөйрөлөрүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүнүн үстүнөн туруктуу иштеп келди жана бул иштерди улантууда. Долбоор мамлекеттик саясатта КР Конституциясында белгиленген борборлоштурууну азайтуу принциптерин сактоо маанилүү деп эсептейт. Анын үстүнө башкарууну борборлоштуруу мамлекеттик органдардын пайдасына ЖӨБ органдарынан жергиликтүү жамаат алдында жоопту болуу милдетин алып таштоодо. Бул болсо жамаатты жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бюджеттик процесске тартууга бут тосулат. Мындан тышкары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көп кырдуулугу ЖӨБго, коомдук институттардын ишине, жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүгө байланышкан көп сандагы ченемдик укуктук актыларды жакшыртууну талап кылат. Мунун баары долбоордон улуттук деңгээлде жүргүзүлгөн иштер боюнча чоң аракеттерди талап кылууда.

### 3.1. ЖӨБдү децентралдаштыруу (саясий, административдик жана финансылык жактан) чөйрөсүндөгү улуттук саясатты иштеп чыгуу жана илгерилетүү

2013-жылы КР Өкмөтүнүн үч тепкичтүү бюджеттик системаны кайрадан киргизүү аракеттеринен улам Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы олуттуу коркунучка кабылды. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору КР Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө кеңири экспертизаларды даярдап берүү менен Кыргызстандагы мамлекеттик башкаруу системасын борборлоштуруу боюнча демилгеге каршы турууда олуттуу роль ойноду. Жалпысынан төрт жыл ичинде долбоордун эксперттери 70тен ашык түрдүү укуктук сунуштоолорду, сунуштарды жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө (жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесинде) байланышкан мыйзам долбоорлорун; 2013-2017-ж.ж. Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы-



нын долбооруна серепти жана сунуштарды; 2013-2017-ж.ж. КРда ЖӨБдү өнүктүрүү Программасына сунуштарды; КР Салык кодексине түзөтүүлөрдү (салыктарды башкаруу укугун ЖӨБ органдарына берүү); КР Бюджеттик кодексинин долбооруна сунуштарды; "ЖӨБ органдарынын ишин текшерүүнү жүргүзүү тартиби жөнүндө" КР Мыйзам долбоорун ж.б. даярдап берди. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү оң өзгөрүүлөрдү жана жамааттын ЖӨБго катышуу моделин илгерилетүү үчүн жигердүү маалыматтык стратегияны колдонду. Эл аралык экспертиза, эл аралык жана донордук уюмдар, КЭУ, жергиликтүү эксперттик жамаат, ошондой эле массалык маалымат каражаттары долбоордун маалыматтык стратегиясынын маанилүү максаттуу аудиториясы бойдон кала берүүдө.

### 3.2. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аныктоо

Белгилүү болгондой, Кыргызстандагы ЖӨБ органдары функцияларга "көмүлүп" калган. ЖӨБ органдары аткарып жүргөн функциялардын көбү мамлекеттик болуп эсептелет. ЖӨБ органдарына бул функцияларды аткаруу, атайын окуудан өткөн адистер, функцияларды сапаттуу аткаруу үчүн тийиштүү нускамалар үчүн каражат бөлүнбөйт. Мунун баары аткарылган функциялардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөн сапатына алып келет жана мындан улам жарандар тарабынан бийликке канааттануусунун жалпы деңгээлине таасирин тийгизет. Буга байланыштуу ЭҮЖӨБОЖ Долбоору "ЖӨБ органдарынан айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тартиби жөнүндө" КР Мыйзамын, ошондой эле айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына берүү тууралуу Типтүү келишимди да иштеп чыгууга жардам берди. Эки документ тең 2013-жылы кабыл алынган. 2014-жылдын соңунда КР Өкмөтү "ЖӨБ органдарынан ыйгарым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы аткарылышы үчүн Токтом кабыл алды жана ыйгарым укуктарды берүүгө биринчи кезекте кирише турган төрт мамлекеттик ведомствону аныктады. Токтом КР Финансы министрлигине төрт ведомство берген функцияларды аткаруу үчүн ЖӨБ органдарына каражат бөлүп берүүнү тапшырат. Бул Токтомду ишке ашыруу үчүн ЭҮЖӨБОЖ Долбоору улуттук деңгээлде мамлекеттик башкаруу органдары менен жигердүү диалог жүргүзүп, пилоттук облустардагы ЖӨБ органдарынын тынчсыздануусун жеткирип турган.



### 3.3. Муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу системасын иштеп чыгуу жана апробациялоо

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу системасынын жаңы моделин сунуштап, КР Мамлекеттик кадр кызматы аны кабыл алды. Окуу программаларын муниципалдык кызматчылардын керектөөлөрүнүн базасында түзүү, окутуучу уюмдарды сынактын негизинде тандап алуу, окуунун жыйынтыктарын баалоо жана башка ушул өңдүү квалификацияны жогорулатууга карата заманбап мамиленин элементтери Моделдин өзгөчөлүгүн түзөт. Модель муниципалдык кызматчылардын өздөрүнүн керектөөлөрүнүн базасында аныкталган окуу программаларынын тогуз темасы боюнча 82 муниципалдык кызматчынын катышуусунда сыналды.

Жаңы Модель мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды даярдоо боюнча жаңы мамлекеттик программада эсепке алынды. 2013-жылдын июль айында Президент Жарлыкка кол коюп, аны менен 2013-2017-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын өнүктүрүү Программасын жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын бекитти. КР Мамлекеттик кадр кызматы ЭҮЖӨБОЖ Долбоору сунуштаган моделди билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жеткирип берүүчүнү тандап алуу жаатында да ишке ашырып келатат.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутууга мамлекеттик тапшырык тууралуу Убактылуу жобону иштеп чыгууда, 2014-2015-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутууга мамлекеттик тапшырыктардын өздөрүнө, ошондой эле Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу тартиби тууралуу убактылуу Жобого экспертизаны КР МККга берген.

Мындан тышкары ЭҮЖӨБОЖ Долбоору КР Жогорку Кеңешинде биринчи окууда эле кабыл алынган "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КР Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууга жана талкуулоого жигердүү катышты.

* * *

2015-жылдын апрель айынан тарта ЭҮЖӨБОЖ Долбоору экинчи фазага өттү. Анын алкагында өз ишин Чүй, Нарын жана Ош облустарында улантмакчы.

M



# Александровка муниципалитетинин ЖӨБ органдары аймактын тарыхындагы алгачкы коомдук угууларды өткөрүштү

**Нургүл ЖАМАНКУЛОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомдук байланыш боюнча адиси, ӨСИ

2015-жылдын 26-ноябрында Чүй облусунун Москва районундагы Александровка айылынын тургундары үчүн маанилүү окуя болду – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалитеттин тарыхында биринчи жолу коомдук угууларды өткөрүштү. Иш-чаранын негизги темасы катары уюштуруучулар айылдын аймагындагы катуу тиричилик калдыктары маселесин сунушташты. Угууларга жергиликтүү жамааттын, АӨ кызматкерлеринин, АК депутаттарынын, аксакалдар сотунун өкүлдөрүнүн арасынан 100дөн ашык киши катышты.

Угууларды айыл өкмөт башчысы Ш. СУШАНЛО ачып, муниципалитеттин турмушуна катышуу ниети менен келгендердин баарына ыраазычылыгын билдирди. “Биз “Александровка” чакан ишканасын (ЧИ) түзүү демилгесин көтөрүп жатабыз. Бул ишкана катуу тиричилик калдыктарын (КТК) чыгарып кетүү үчүн жооптуу болот, - деп кайрылды ал иш-чаранын катышуучуларына. – Атайын иш-чараларды – айыл муктаждыктарын аныктоо боюнча ЖМБА-сессияларын өткөрүүнүн жүрүшүндө таштанды чыгарууну уюштуруу көйгөйү артыкчылыктуу деп аталган. Бул иштер ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташуубуздун алкагында жасалды. Биздин айыл өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы боюнча облустагы 12 пилоттук муниципалитеттин бири болуп тандалып алынган. Азыртадан эле биздин кызматташтыктын алгачкы жемиштерин көрүүгө болот. Бүгүн биз сиздерге “Тазалык – ден соолуктун кепилдиги” деп аталган долбоорду сунуштайбыз. Долбоор биздин аймактын чегинде таштанды, калдыктар менен күрөшкө багытталган”.

Андан кийин башчынын орун басары Данияр КАЙНАЗАРОВ “Александровка” чакан ишканасын түзүү боюнча долбоорду сунуштады.

“Биздин аймактын чегинде 19 386 киши жашайт. Ал эми биздин жергиликтүү бюджетибиз 16 млн. 536 миң сомду түзөт, - деп баяндамасын баштады КАЙНАЗАРОВ. – Ушул жылдын жайында биз ЖМБА-сессиясын өткөрүп, анда биздин муниципалитет үчүн төмөнкүдөй артыкчылыктар аныкталган: бюджет боюнча маалыматка жеткиликтүүлүк жок; таза суу жетишсиз; таштандыны жыйноодо жана чыгарууда көйгөйлөр бар; жолдордун абалы начар; мектепте жана мектепке чейинки билим алуу үчүн шарттар түзүлгөн эмес; көчөлөрдү жарыктандыруу маселеси толук чечилген эмес; маданий-массалык иш-чараларды өткөрүү үчүн шарттар жок.

Бул маселе бүгүн эле пайда боло калган жок. Таштанды көйгөйү көп убактан бери тынчсыздандырып, бул багытта ишибизди баштадык. Аны менен катар биздин айылдын көчөлөрүндө тазалыкты камсыздоого багытталган долбоорду утуп алдык. Ал “Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасын өнүктүрүү үчүн бөлүнгөн каражаттарды колдонуу боюнча жергиликтүү фонддорду түзүү” деп аталат. Долбоордун жалпы баасы 3 636 600 сомду түзөт. Бул каражатка биз АЗ-МК-350 (ГАЗ-

3309 шассинин базасында) үлгүсүндөгү контейнердик таштанды машинесин жана 29 даана 6.0 м3 көлөмдөгү таштанды үчүн металл контейнерлерди сатып алдык. Алты контейнер социалдык объекттерге таратылып берилди: бешөө орто мектептерге жана бирөө ФАПка".

Андан кийин баяндамачы айылдын аймагында ишкердик ишмердүүлүгүн жүргүзгөн бардык коммерциялык объекттерди санап берди. Алардын саны жыйырмага жетти. Бул объекттер боюнча өзүнчө пункт каралган. Ага ылайык, тараптардын финансы жагынан милдеттенмелерин караштырган жеке келишимдерди түзүү маселеси каралат.

Алдын ала эсептөөлөр боюнча, "Александровка" мекемесинин иши үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн суммасы айына 55 500 сомду түзгөн. Таштанды чыгаруу үчүн сунушталган тариф – ар бир үй кожолуктан 70 сомдон. "Александровка" ишканасында 9 киши иштейт.

Андан кийин таштандыны апта сайын чыгаруунун алдын ала графиги көрсөтүлдү. График жашоочулардын ыңгайына жараша түзүлгөн – алар таштанды кайсы күнү, саат канчада жыйналарын алдын ала билип алса, ошол маалда үйлөрүндө болушмак. Айыл өкмөт башчысынын орун басарынын баяндамасынан кийин угуулардын катышуучуларынан көптөгөн суроолор жана сунуштар түштү. Аны менен катар катышуучуларды төмөнкүдөй маселелер кызыктырды: Ооган согушунун катышуучулары жана алардын үй-бүлөсү үчүн жеңилдиктер каралганбы; КТК үчүн таштанды контейнерлери барбы; таштанды чыгаруу графиги барбы.

Аксакалдар сотунун төрайымы чоң көлөмдөгү таштандыны чыгарууга өтүнмөнү даярдоону сунуштады. Бул үйлөрдүн короосунда жылдап чогулган таштандыларга да тиешелүү болду.

"Эмне үчүн ошол чоң таштандылар 70 сомго чыгарылыш керек? Бул жакта таштандысы 10-100 эсе аз болгондор деле 70 сомдон төлөп жатпайбы, - деди ал. – Мен мындай таштандыны өзүнчө, айыл өкмөтүнө өтүнмө жазгандан кийин гана чыгарууну сунуштайм. Алар өзүнчө төлөшсүн. Негизи эле таштандыны кайра иштетүү мүмкүнчүлүктөрүн издеп көрүшүбүз керек. Анткени чоң шаарларда адамдар таштанды чыгаргандан эмес, аны кайра иштетүүдөн көп киреше табышууда. Ал эми тарифти дагы эсептеп чыгышыбыз керек, ал көп так болбой турат. Бул мекемеге кеңсе да керек, ал жакта бардык административдик иштер жүргүзүлөт". Бул пикирди көчөлөрдүн биринин старостасы да колдоп кетти. Ал курулуш таштандысын чыгаруу үчүн тургундардын бири 2500 сом төлөгөнүн мисал келтирди.

Таштанды чыгаруу маселеси көптөн бери көйгөйлүү тема болуп келатканы билинип турду. Баары эле башында оңой болбой турганын белгилеп жатышты. Атүгүл башчынын орун басары да кыйынчылыктар болушу мүмкүн экенин айтты. "Бирок биз качандыр бир кезде башташыбыз керек да! Качанкыга чейин таштандынын арасында жашай беребиз?! – деди ал. – Ооба, балким башында жетишпей, же графиктен артта калат чыгаарбыз. Бирок бара-бара баары бир калыпка түшөт эмеспи".

Бардык катышуучулар 2013-жылы таштанды чыгарууну колго алуу демилгесин көтөргөн адамды да эстешти. Ал алдын ала сметаны түзүп, техниканы ижарага алып, айыл өкмөтү менен келишим түзгөндөн кийин ишин баштаган. Бирок таштанды чыгаргандан кийин бул кызмат көрсөтүү үчүн болгон үч үй 50 сомдон төлөп, калган чыгашаны өз эсебинен жабууга мажбур болгон. Ал эптеп жарым жыл иштеген эле.

Бардык катышуучулар чоң таштандылар айыл өкмөтүнө өтүнмө жазгандан кийин чыгарылсын деген сунушту колдошту. Анткени атайын адистер жеринде ошол таштандынын көлөмүн баалап, аны чыгаруу үчүн жалпы баасын айтышмак.

Бирок таштанды жыйноо ыкмасы тууралуу маселе козголгондо катышуучулардын пикирлери эки башка болду. Айрымдары контейнерлерди белгилүү бир жерде орнотууну сунуштаса, башкалары таштанды контейнерлеринен жыт урарын жана башка кесепеттерин жүйө келтиришип, мындай сунушка каршы чыгышты.

Талкуунун жүрүшүндө тараптар контейнерлерди айыл көчөлөрүндө орнотуунун жана аптасына бир жолу чыгарып туруунун пайдасына түрдүү мисалдарды келтирип жатышты. Бирок экинчи тарап, алардын ичинде АӨнүн башчысынын орун басары да таштандыны жекече жыйноону жана чыгарууну колдошту. Ошондой эле таштандынын көлөмү чоң болгон маалда кошумча ижарага алына турган машине иштей турганы, ал эми мектептердин аймагынан таштанды акысыз чыгарылары айтылды.

Ошондой эле РЭСтин мисалында ар бир үй кожолук менен жеке келишим түзүү тууралуу сунуш да түштү. Ал эми жарандардын категориясы боюнча тарифтерди аныктоо үчүн ар бир айылда элдик жыйын өткөрүп, ар бир жашоочуга бул маалыматты жеткирип, пикирлерин билүү сунушталды. Эгерде чечимди баары кабыл алса, анда баары бул үчүн жооп бермек.

Кызмат көрсөтүүнү төлөө үчүн квитанция тууралуу суроого башчынын орун басары бул карала турганын айтты. "Таштанды үчүн төлөгөн ар бир кишиге квитанция берилет, ал жерде баары жазылат. Таштанды үчүн акы айдын аягында, факт боюнча төлөнөт. Баары мыйзам чегинде болот. Ал эми квитанциянын экинчи жагында биз эч ким унутпашы үчүн жаңыланган графикти жазып коёбуз", - деди ал.

Угууларга жергиликтүү кеңештин депутаттары да жигердүү катышып, ишти баштоого үндөштү: "Канчага чейин угуп отурабыз? Иштебейлиби!".

Айыл тургундарынын бири айына 6000 сомго таштанды тазалоочу болуп иштегенге ким макул боло турганына кызыкты. Бир көчөнүн старостасы "Александровка" ишканасын чарбачыл-эсеп уюму катары түзүүнү сунуштады. "Муну жергиликтүү бюджеттин эсебинен жасабаш керек! Эч качан! Анда

баарында көңүл кош мамиле пайда болуп, карызды жылдап бербей коюшат. Анын үстүнө кызматкерлерде да кызыкчылык болмок. Анткени алардын бюджети кызмат көрсөтүүнүн сапатына көз каранды болмок". Ошондой эле ал бүгүнкү угуулар "муз ордунан жылганын" билдирерин белгиледи. Ал ЖӨБ органдарынын демилгесин колдоп, таштанды менен күрөшүүгө жардам берүүнү сунуштады: "Бул – биз дем алган аба; биз жашаган жер. Ооба, башында кыйын болот. Бирок акыры бир нерседен башташ керек да! Эмне үчүн терс пикирлер мынча көп?! 23 контейнерди борбордук көчөлөргө орнотушат, ал эми 70 сом деген тарифти кайра карап чыгыш керек. Бул айрым тургундарга карата акыйкат болбой калат. Кээ бир үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрү көбүрөөк, кээ бир үй-бүлөлөрдө эки гана киши бар жана алар 6 куб таштанды чыгарат деп ойлобойм. Ал эми келечекте контейнерлерди сатып алып, ар бир үйдү айланып отурбаш үчүн аларды көчөлөрдүн кесилишинде орнотуш керек деп ойлойм". Адаттагыдай эле суроолор көп, ал эми убакыт тар болду. Уюштуруучулар катышуучуларга өз сунуштарын жана суроолорун кагаз бетине түшүрүп, аларга өткөрүп берүүнү өтүнүп, ар бир сунуш изилденип, эсепке алынат деп убада беришти.

Угуулардын соңунда АӨ башчысы катышуучуларга иштегенге мүмкүнчүлүк берүүнү өтүндү. "Албетте ар бириңердин сөзүңөр жүйөлүү. Ар бириңердин турмуштук тажрыйбаңар жана өз көз карашыңар бар. Бирок баарын таза барактан баштоону өтүнөм. Өткөндү казбай, ким жана эмне үчүн деп териштирбейличи. Биз бири-бирибизге душман эмеспиз да. Келгиле, биз сунуштап жаткан схема боюнча иштегенге аракет кылып көрөбүз. 2-3 айдан кийин кайрадан чогулуп, жыйынтык чыгара алабыз да. Бизге жардам берип, колдоо көрсөтүүңүздөрдү өтүнөм. Бизге иштегенге мүмкүнчүлүк бергилечи! Сындаганды баары эле билет. Каталарыбызды айтып тургула, бирок ошону менен чечүү жолдорун да сунуштагылачы. Биз силер мененбиз го!", - деди ал.



# Кемин шаарынын райондорунун биринде катуу тиричилик калдыктарын (КТК) колго алуу маселелери боюнча коомдук угуулар

**Гуляим ШАМШИДИНОВА, Азамат МАМЫТОВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун - ӨСИнин адистери

2015-жылы Кемин шаары ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун пилоттук муниципалитети болуп калды. ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү процессинде (262 катышуучу) жолдордун жана канализациялык системанын начар абалы, таза суунун жетишсиздиги, көчөлөрдө жарыктын жоктугу, таштанды жыйноонун жана чыгарып кетүүнүн төмөн деңгээли, мектепке чейинки билим берүү, спорт менен алектенүү жана жаштардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсү үчүн шарттардын жоктугу, жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматтын жетишсиздиги жана көп кабаттуу үйлөрдүн чатырларынын начар абалы шаардагы биринчи кезекте чечилиш керек болгон тапшырмалар катары аталган. Ошентсе да, шаардыктардын басымдуу бөлүгү таштанды жыйноону жана чыгарып кетүүнү эң маанилүү жана көйгөйлүү маселе катары белгилешкен.

Долбоорду ишке ашырууну шаар мэриясы КТК

жыйноо жана чыгаруу көйгөйүнө арналган коомдук угуудан баштады. Мындай иш-чаралар буга чейин такыр өткөн эмес. Бул тема бардык шаарга эмес, анын бир бөлүгүнө – кеминдиктер "Перевалбаза" деп атап койгон районуна тиешелүү болгону анын башкалардан айырмалап турду. Бул район борбордон эки километр аралыкта тоолорго жакын жайгашкан. Эмне үчүн? Себеби биринчи кезекте дал ушул шаардык массивдин (ал эми бул жерде 760ка жакын киши жашайт) тургундары көптөн бери аймактын булганып жатканы тууралуу теманы көтөрүп келишүүдө. Мэриянын кызматкерлери чоң даярдык иштерин жүргүзүштү. Биринчи кезекте бул кызмат көрсөтүүнү аталган шаар районунун тургундарына жеткирүүнүн жолдорун изилдеп, анализ жүргүзүштү. Андан кийин жыйынтыктарды эсепке алуу менен калкка маалымат берүү үчүн материалдарды даярдашып, иш жүзүндөгү кирешелерди жана чыгашаларды, жаңы тарифтерди эсептеп чыгышты. Угуулар тууралуу жарыяны камтыган баннерлердин жана афишалардын жардамы менен калкты кеңири маалымдашты. Мындан тышкары калк үчүн чакыруу барактары басып чыгарылып, таратылды.

"Катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу" темасына коомдук угуулар 2015-жылдын 30-ноябрында №2 орто мектепте өттү. Ага 57 шаар тургуну, анын ичинде 29 аял катышты. Негизинен пенсия курагындагы адамдар чогулду. Тилекке каршы жаштар бул иш-чараны көңүл сыртында калтырып коюшту. Угуулар башталардын алдында катышуучулар тема боюнча материалдарды, ошондой эле суроолорду жана сунуштарды жазуу үчүн бланктарды алышты.

Угуулардын жүрүшүндө катышуучулар өткөн жыл үчүн жергиликтүү бюджеттин кирешелери жана чыгашалары тууралуу маалыматка ээ болушуп, таштанды жана тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу үчүн тарифтерди өзгөртүү боюнча сунуштарды угушту. Иш-чаранын убагында КТКны чыгаруу боюнча чыгашалардын жалпы көлөмү жыл ичинде 1,8 миллион сомду түзгөнү, ал эми чогулган акча шаар боюнча араң гана 116 миң сомго жеткени белгилүү болду. Ошол эле кезде калк үчүн тариф айына ар бир короо үчүн 5 сомду түзөт. Таштанды чыгаруу үчүн калктан жыйымдар 2009-жылы бекитилген. Анда солярканын баасы 25 сом болчу. Ал эми азыр болсо кырдаал өзгөрдү – күйүүчү майдын бир литри 40 сомду түзөт. Албетте бул каражаттын олуттуу жетишсиздигине алып келип, калктуу конуштун санитардык абалына да таасирин тийгизди. Угуулардын катышуучулары моюнуна алгандай, кээ бир көчөлөрдө таштанды толуп кетти; туура эмес жайларда үйүлгөн таштандылар көзгө жагымсыз учурайт. Айтор бул чөйрөдө олуттуу, атүгүл кооптуу да кырдаал түзүлдү. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан чукул чара көрүлүүш керек эле. Буга байланыштуу мэрия бардык эсептөөлөрдү жүргүзүп чыгып, анын негизинде тарифти ар бир үй-бүлө мүчөсү үчүн 10 сомго чейин көтөрүүнү сунуштады. Ошондой эле Кеминдин бул районунда таштанды жыйноону жана чыгарып кетүүнү эффективдүү уюштуруу боюнча чаралар да айтылды. Көпчүлүк добуш менен чогулгандар бул сунуштарды колдоп беришти.

"Сөздүн чынын айтканда, таштандыны өзүбүз ыргытып жаткандан кийин, бул маселени да өзүбүз чечишибиз керек. Мэрия тууралуу айта турган болсок, биз пластик бөтөлкөлөрдү, сынган идиш-аякты чогулта турган ишкерлер менен макулдаштык. Бирок бизде таштандынын баары аралашып ыргытылганы чоң көйгөй – техникалык калдыктар тамакаш менен ыргытылат, желим баштыктар шаардын туш тарабында жатат... Таштандыны сорттогонго аракеттениш керек жана муну кантип туура жасай аларыбызды жакшылап ойлонуп көрүүгө тийишпиз. Мисалы, Гонконгдо көчөгө тамеки ыргытсаң 300 доллар айып төлөйсүң. Ал эми бизде буга эч ким көңүл бурбайт жана мындан улам эч ким жоопкерчилик албайт. Бүгүнкү коомдук угууларда биз силерден жакшы сунуштарды алдык. Ошол сунуштар таштанды чыгаруу жана бул кызмат көрсөтүү үчүн тарифтик ставканы оптималдаштыруу иштерин өркүндөтүү боюнча пландарды түзгөндө эсепке алынат. Эгерде кимдир бирөө бүгүнкү тема боюнча өз сунуштарын бергенге жетишпей калса, анда бизге кат жазса болот. Биз баарына сунуштар жана кошумча-толуктоолор үчүн материалдарды жана бланкаларды таратып бердик", - деп угууларды жыйынтыктарды Кемин шаарынын мэри.

Эмесе, талкуулардын жыйынтыгы боюнча Кемин шаарынын "Перевалбаза" районунда таштанды жыйноо жана чыгаруу чөйрөсүндө канчалык олуттуу кырдаал түзүлгөнү маалым болду. Анткен менен бул маселе боюнча угуулардын катышуучуларында түзүлгөн кырдаалдан чыгуунун бир нече варианттары бар болгону аныкталды. Алар сурамжылоо баракчаларына сунуш катары киргизилди. Калктын жана кеңешти кошкондо жергиликтүү бийлик органдарынын кызыкдарлыгы, таштандыны жок кылуу маселелери боюнча коомдук угуулардагы жетишкендиктер бул көйгөй жакынкы мезгилде чечилип калат деген оптимисттик тыянак чыгарууга жол ачууда.

## Маалымат үчүн

**Кемин шаары – бул Чүй облусунун Кемин районунун административдик борбору жана ири калктуу пункту. Шаар Чу дарыясынын жээгинде Бишкектен чыгышка карай 95 км аралыкта жайгашкан, калкынын саны – 9003 киши. Кемин аркылуу Ысык-Көл, Нарын облустарына жана Ысык-Көлдүн курорттук зонасына трассалар өтөт, ошондой эле Бишкек-Балыкчы багытындагы темир жолу да бар. Совет доорунда шаардын өнөр жайы өнүккөн: бул жерде электртехникалык, линолеум заводдору, алтын кен комбинаты, нан заводу жана курулуш материалдарын чыгаруу боюнча ишкана бар болчу. Бул заводдор миңдеген кеминдиктерди иш менен камсыздап, үй-бүлөлөрүн бакчу. 1954-жылы бул калктуу конуш шаар тибиндеги поселок статусун алып, 2012-жылы шаар болуп калган.** M

# Жаш изилдөөчүлөр үчүн ЖӨБ боюнча докладдар сынагы

## “Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу: учурдагы абалы жана келечеги-2016”
## Мөөнүт – 2016-жылдын 1-мартына чейин.

***Урматтуу студенттер, окутуучулар,илимий даражага талапкерлер, изилдөөчүлөр!***

2016-жылдын март айынын башында “Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу: учурдагы абалы жана келечеги-2016» темасына жаш изилдөөчүлөрдүн II ЖОЖдор аралык илимий-практикалык конференциясы өтөт. Конференциянын уюштуруучулары: Өнүктүрүү саясат институту, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик.

Конференцияга катышууну каалагандар баяндамачыларга эскерткичте жазылган талаптарга ылайык келген докладды уюштуруу комитетине жиберүүгө тийиш. Докладды конференциянын уюштуруу комитетине (Өнүктүрүү саясат институту) 2016-жылдын 1-мартына чейин берүү зарыл. Конференциянын уюштуруу комитети докладдарды тандап алып, авторлорго конференцияга катышарын кабарлайт. Докладдарды баалоодо “Антиплагиат” программасы колдонулат. Мыкты докладдар баалуу белектер менен сыйланат жана конференциянын материалдар жыйнагында, “КРП МБА жарчысы” гезитинде жана “Муниципалитет” журналында жарыяланат. Жыйнак Китеп палатасында катталат.

Конференциялардын тематикалык секциялары:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруучулук-укуктук негиздери;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ресурстары жана ишинин жыйынтыктары;

3) муниципалдык кызмат (жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кадрлары);

4) коомду өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу.

Жаш изилдөөчүлөргө жардам катары докладдардын болжолдуу темасы Тиркемеде жазылган (“Муниципалитет” журналынын ушул санынын ___-бетин окуңуз). Анткен менен баяндамачылар докладынын (изилдөөнүн) темасын өз алдынча да тандай алышат (темалардын тизмесин ӨСИнин www.dpi.kg сайтындагы негизги бетте, “Сынактар жана вакансиялар” бөлүмүнөн таба аласыз).

Өз байкоолорунун жана изилдөөлөрүнүн жыйынтыгына негизделген докладдарга артыкчылык берилет. Мурда басып чыгарылган рефераттар доклад катары кабыл алынбайт.

Докладдар эки категорияга топтоштурулат: 1) студенттер (бакалавриаттын жана специалитеттин); 2) магистранттар, жаш мугалимдер жана окумуштуулар (анын ичинде аспиранттар, изденүүчүлөр жана изилдөөчү-практиктер).

Докладдар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдеринде кабыл алынат.

Баяндамачыларга жардам катары 2015-жылдын октябрь-ноябрь айларында өлкөнүн 7 жогорку окуу жайында 19 ачык лекция өткөрүлдү. Анда лекцияны Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери окушту. Лекцияларга катышкандардын жалпы саны дээрлик миңге жакын болду. Лекциялардын графиги жана алардын бир бөлүгү Өнүктүрүү саясат институтунун www.dpi.kg сайтында “Сынактар жана вакансиялар” бөлүмүндө (сайттын башкы бетинин оң жагында) жайгаштырылды.

Докладдардын авторлоруна талаптар: студенттер (бакалавриаттын жана специалитеттин); 2) 35 жашка чейинки курактагы магистранттар, жаш мугалимдер жана окумуштуулар (анын ичинде аспиранттар, изденүүчүлөр жана изилдөөчү-практиктер).

Докладдын темасы боюнча илимий жетекчи болуш керек (студенттер үчүн).

### БАЯНДАМАЧЫЛАРГА ЭСКЕРТКИЧ

Доклад тандалып алынган темага шайкеш келиш керек; докладдын көлөмү А4 форматындагы 8 беттен ашпаш керек. Конференцияга катышуу үчүн тандалып алынган докладдар үчүн көрсөтмө материалдардын – Power Point программасында даярдалган презентациялардын болушу шарт. Оозеки докладдын узактыгы – 15 мүнөттөн ашпаш керек.

Конференциянын уюштуруу комитети докладдарды төмөнкүдөй критерийлер боюнча тандайт: докладдын, изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу; докладдын, изилдөөнүн тереңдиги (изилдөөчүлүк мүнөзү, эксперименталдык материалдын колдонулушу, экономикалык натыйжалуулуктун эсептелгендиги, автордун сунуштары); окладдын, изилдөөнүн өз алдынчалыгы; материалды баяндап берүүнүн формасы; докладды талаптарга ылайык тариздөө.

### Докладды жасалгалоого карата талаптар

Жасалгалоо Microsoft Word редакторундагы күүлөөнүн төмөнкүдөй параметрлери бар компьютерде орнотулган шаблондор боюнча жүзөгө ашырылат:

- Times New Roman (Times New Roman Cyr) ариби, кадимки, өлчөмү – 12. Таблицаларда 10го чейин кичирейтүүгө уруксат берилет (текст батпай жатса);
- саптар аралык интервал: А4 форматы – бир кабат; таблицаларда 10 пунктка чейин кичирейтүүгө уруксат берилет (эгерде текст батпай жатса);
- сөздөрдү көчүрүү менен туурасынан теңдөө (таблицаларда теңдөөнү зарылчылык болсо колдонуңуз);
- беттердин номуру төмөн жактагы колонтитулдун оң жагына коюлат (биринчи бетке номер коюлбайт).

Текстте сүрөттөргө жана таблицаларга уруксат берилет. Тексттеги сүрөттөр ак-кара түстө гана болуш керек, беттин астындагы жазуулар MS Word документинде терилиш керек.

Биринчи беттин үстүңкү оң бурчунда доклад жиберилип жаткан секция сөзсүз көрсөтүлүш керек. Андан кийин докладдын аталышы жазылат – баш тамгалар жана кара шрифт менен. Андан кийин авторлордун жана илимий жетекчинин аты-жөнү, анын илимий даражасы, окуу жайдын аталышы толугу менен жазылыш керек. Андан соң текст жазылып, соңунда библиографикалык тизме көрсөтүлөт.

Жогорудагы талаптарга жооп бербеген докладдар кабыл алынбайт.

Докладдар электрондук түрдө 2016-жылдын 1-март күнү саат 18ге чейин кабыл алынат.

### Конференциянын уюштуруу комитетинин дареги:

Бишкек ш., Үсөнбаев көч, 44,
Өнүктүрүү саясат институтунун кеңсеси
Тел.: (312) 97 65 30,31, факс: (312) 97 65 29,
сайт: www.dpi.kg
Байланыш үчүн: КҮМҮШБЕКОВ Нурдин,
муниципалдык кызмат боюнча адис,
e-mail: NKumushbekov@dpi.kg

**“Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу: учурдагы абалы жана келечеги-2016” темасына жаш изилдөөчүлөрдүн жогорку жайлар арасында илимий-практикалык конференцияны даярдоонун жана өткөрүүнүн алкагында**

# АЧЫК ЛЕКЦИЯЛАР

| № | Өткөн жери | Лекциялардын темалары | Лектор | Шилтемелер |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Борбор Азиядагы Америка университети (БААУ) | Коомду өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу. Антропологиялык клубдун алкагында | Надежда ДОБРЕЦОВА, Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы | www.vap.kg |
| 2 | К.Карасаев ат. Бишкек гуманитардык университети | ЖӨБОну башкарууда маалымат технологиялары | Надежда ДОБРЕЦОВА, Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы | www.vap.kg |
| 3 | К.Карасаев ат. Бишкек гуманитардык университети | Жергиликтүү деңгээлдеги бюджеттик процесс (Бишкек шаарынын мисалында) | Асылбек ЧЕКИРОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 4 | К.Карасаев ат. Бишкек гуманитардык университети | ЖӨБОнун социалдык кызматтарды көрсөтүүсү. Чет өлкөлүк тажрыйба. | Анара МУСАЕВА, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 5 | К.Карасаев ат. Бишкек гуманитардык университети | ЖӨБОнун социалдык кызматтарды көрсөтүүсү | Айнура БАЛАКУНОВА, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 6 | Бишкек Финансы-экономикалык академиясы | Жергиликтүү экономикалык өнүгүү | Танат ОСМОНКУЛОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 7 | Бишкек Финансы-экономикалык академиясы | Муниципалдык менчикти башкарууда коррупция жана айкындуулук | Надежда ДОБРЕЦОВА, Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы. | www.vap.kg |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | Бишкек Финансы-экономикалык академиясы | Жергиликтүү салыктар | Назира ТЮЛЮНДИЕВА, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 9 | Бишкек Финансы-экономикалык академиясы | КРда жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстин ачыктыгын камсыздоо. БП индекси | Назира ТЮЛЮНДИЕВА, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 10 | Бишкек Финансы-экономикалык академиясы | ЖӨБОнун социалдык кызматтарды көрсөтүүсү | Айнура БАЛАКУНОВА, Өнүктүрүү саясат институтун эксперти | www.vap.kg |
| 11 | Талас мамлекеттик университети | ЖӨБдүн финансы-экономикалык негиздери | Азамат МАМЫТОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 12 | Талас мамлекеттик университети | Жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ЖӨБ органдарынын чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусу | Султан МАЙРАМБЕКОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 13 | Ысык-Көл мамлекеттик университети | “Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу” | Асылбек ЧЕКИРОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 14 | Ж.Баласагын ат. Кыргыз Улуттук университети | Кыргыз Республикасында жергиликтүү өнүгүүнү пландоо | Танат ОСМОНКУЛОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 15 | Ж.Баласагын ат. Кыргыз Улуттук университети | Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр | Асылбек ЧЕКИРОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 16 | Ж.Баласагын ат. Кыргыз Улуттук университети | Муниципалдык деңгээлде башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу техникасы | Бектурган ОРОЗБАЕВ, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |
| 17 | Ж.Баласагын ат. Кыргыз Улуттук университети | КРда ЖӨБдүн өнүгүү этаптары. Маморгандар менен ЖӨБО ортосундагы өз ара мамилелер | Анарбек ИСМАИЛОВ, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары – КР Президенттик Аппараттын укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы | www.vap.kg |
| 18 | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясы | Жергиликтүү маанидеги маселелерде партиялардын ролу жана айылдык аймактардын жана чакан шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен алар боюнча өз ара иш аракети | Надежда ДОБРЕЦОВА, Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы. | www.vap.kg |
| 19 | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясы | Жергиликтүү бюджеттин өз киреше булактары | Асылбек ЧЕКИРОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти | www.vap.kg |

## "Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу: учурдагы абалы жана келечеги-2016" аттуу илимий-практикалык конференцияга катышуу үчүн

# жаш изилдөөчүлөр үчүн докладдардын болжолдуу темалары

Баяндамачылардын эсине! Кара буллиттин (чекиттин) алдында жалпылаштырылган тема көрсөтүлгөн. Ачык булиттин (чекиттин) алдында жалпылаштырылган темага кирген суроолор көрсөтүлгөн. Докладдын темасы катары сиз жалпылаштырылган теманы да, ачык буллиттин алдындагы тизмеден бир же бир нече суроолорду да ала аласыз. Ошондой эле сиз доклад же изилдөө үчүн өз темаңызды тандасаңыз болот!

### 1-секция. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруучулук-укуктук негиздери

- Мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелери
  *Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажырымдоо. ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү маселеси. Элеттик муниципалитеттердин өнүгүүсүндө жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ролу – көйгөйлөр жана жетишкендиктер.*
- Жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча айылдык аймактардын жана чакан шаарлардын ЖӨБ органдары менен партиялардын өз ара аракеттешүүсү жана ролу
  *Партиялык кеңештер – эксперимент ишке ашабы? Шайлоочулардын укуктары бузулуп жатабы? Партиялык кеңештер натыйжалуу иштеп жатабы? Партиялык кеңештер менен ЖӨБнын аткаруу органдары – айыл өкмөтү менен мэриянын ортосундагы өз ара аракеттешүүнүн деңгээли кандай?*
- Өкмөт менен ЖӨБ ортосунда саясий диалогду түзүүдө КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын союзунун ролу
  *Союзду түзүүнүн максаттары жана анын жетишкендиктери, ишмердигинин негизги багыттары. Муниципалдык түзүлүштөрдүн союздарынын иш алып баруусунда кыргызстандык жана чет өлкөлүк тажрыйбага салыштырма анализ.*
- КРда жергиликтүү жамааттын (шаардын же айылдык аймактын) аймагынын көлөмүн аныктоо принциптери жана бул жааттагы көйгөйлөр
  *Кыргызстанга муниципалитеттерди ирилештирүү канчалык зарыл? Жергиликтүү жамааттын аймагын оптималдаштыруу (конкреттүү шаардын же айылдык аймактын мисалында)*
- Чет өлкөдө шаарларды же элеттик муниципалитеттерди уюштуруу принциптери жана алардын Кыргыз Республикасында колдонууга жарамдуулугу
  *Аймактык статус жана шаардык, элеттик конуштарды башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрү*
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун европалык хартиясы жана ЖӨБ боюнча жаңы эл аралык документтер
  *Принциптердин кайсынысы Кыргызстанда ишке ашырылып жатат?*
- Бишкектеги Муниципалдык аймактык башкармалыктар (МАБ)
  *ЖӨБ системасында жана шаардын өнүгүүсүнө жасаган таасиринде МАБдын ролу. МАБды түзүүнүн жана каттоонун тартиби, алардын ролу. Шаарга МАБ керекпи? Алардын натыйжалуулугун кантип арттырса болот?*
- Жергиликтүү өз алдынча башкарууну укуктук жактан жөнгө салуунун принциптери
  *Жергиликтүү маанидеги маселелердин курамы жана айрым өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жүзөгө ашырылышы. ЖӨБ эмне менен алектениш керек? Ушул тапта эмнелерди жасап жатат?*
- ЖӨБ органдарынын структурасы
  *Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү, аткаруучу-бөлүштүрүүчү, көзөмөлдөөчү жана башка органдары. Башкаруучулук структураларды куруунун негизги принциптери. Кеңеш менен мэрия (айыл өкмөтү) ортосундагы ЖӨБдү укуктук жактан жөнгө салуу жаатында компетенцияларды ажырымдоо.*
- Жергиликтүү кеңештердин ишмердигин өркүндөтүү
  *Кеңештердин (мэриянын, айыл өкмөттүн) ишинин натыйжалуулугун кантип жогорулатса болот?*
- Муниципалдык түзүлүштү башкарууда маалымат технологиялары.
- Муниципалдар аралык кызматташтык
  *ЖӨБ органдарынын кызматтарды биргелешип көрсөтүү тууралуу макулдашуусу. Муниципалдар аралык кызматташтыкты башкаруунун формалары жана ыкмалары*
- ЖӨБнын натыйжалуулугу: түшүнүктөр, принциптер жана критерийлер
  *Башкаруунун натыйжалуулугун баалоонун заманбап концепциялары жана стандарттары. ЖӨБдүн сапатын баалоодо индекстер (социалдык адилеттүүлүк индекси, бюджеттин ачык-айкындуулук индекси ж.б. – Кыргызстанда жана чет өлкөдө).*

### 2-секция. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ресурстары жана ишинин жыйынтыктары

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландоо
  *Стратегиялык планды жана өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуунун, ишке ашыруунун жана ага*

*мониторинг жүргүзүүнүн механизмдери.*

- Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр
  *Реестрлер, стандарттар, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана аларды уюштуруунун ыкмалары. Муниципалдык тапшырык жана муниципалдык имараттар.*
- Жергиликтүү экономикалык өнүгүү
  *Пландоо, аткаруунун катышуучулары. Бизнес менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара мамилелери. Жергиликтүү экономикалык өнүгүүдө маркетинг (фестивалдар, имидж, чакан бизнес жана инвесторлор). ЖӨБ тарабынан бизнеске финансылык колдоо көрсөтүү – кепилдик фонддору жана каржылоонун башка булактары.*
- Муниципалдык ресурстар
  *Муниципалдык менчик, жер, суу, жаратылыш казындылары. Пайдалануунун натыйжалуулугу*
- Муниципалдык менчикти башкарууну уюштуруу
  *Муниципалдык менчикке ээлик кылуу, колдонуу жана башкаруу боюнча менчик ээсинин укуктарын ишке ашырууда ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары.*
- Муниципалдык менчикти ижарага берүү
- Ага анализ жасоо жана кирешени көбөйтүүнүн резервдери
- Муниципалдык менчикти башкарууда коррупция жана ачык-айкындуулук
  *Муниципалдык кыймылсыз мүлк базарына анализ, жергиликтүү бюджеттерде муниципалдык менчикти башкаруудан түшкөн кирешелердин мааниси. Коррупциянын деңгээли. Объекттер тууралуу маалыматтын жеткиликтүүлүгү жана аларга байланышкан бүтүмдөр.*
- ЖӨБ органдары тарабынан укук бузуулардын структуралары
  *Жерлерди жана менчикти башкаруу, жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүгү. Себептер жана кесепеттер.*
- Турак жай-коммуналдык чөйрөнү башкаруунун заманбап технологиялары
  *Турак жай менчик ээлеринин шериктиктери – ийгиликпи же кетенчиктөөбү? Турак жай фондунун жеке башкаруучулары. Жаңы көп батирлүү үйлөрдү башкаруу.*
- Турак жай-коммуналдык чарбачылыкты реформалоо: масштабы жана абалы
  *Турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөнүн стандарттары жана тарифтери. Тарифтик саясат жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү. Тарифтерди орнотууну уюштуруу жана тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуу процессине катышуу. Коромжуларды, чыгымдарды азайтуу, энергияны үнөмдөгөн технологияларды киргизүү, турак жай-коммуналдык тейлөөдө атаандаштыкты жайылтуу. Турак жай саясаты жана көрктөндүрүү.*
- Жергиликтүү бюджеттин өз алдынчалык принциби: ал Кыргызстанда аткарылып жатабы?
- КРсында бюджеттер аралык мамилелерди өркүндөтүү
  *Бюджеттик системанын деңгээлдери ортосунда чыгашаларды бөлүштүрүү: дүйнөлүк жана ата мекендик тажрыйба. Гранттардын жергиликтүү бюджеттердеги ролу. Кыргыз Республикасында гранттар системасынын артыкчылыктары жана кемчиликтери: чет өлкөлөр менен салыштыруу. Жергиликтүү инфраструктуранын өнүгүүсүн жөнгө салуу максатында дем берүүчү гранттардын механизмин өркүндөтүү. Кыргыз Республикасында теңдөөчү гранттар системасын өркүндөтүү.*
- Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин өз булактары
  *КРдагы жергиликтүү бюджеттин киреше булактарын чет өлкөлөр менен салыштыруу. Жергиликтүү бюджеттин кирешелерин көбөйтүү. Кайсы кирешелердин эсебинен жергиликтүү бюджетти толтурса болот? Жергиликтүү салыктар бюджет кирешесин толуктоонун булагы катары.*
- Айыл чарба жерлерине жер салыгы
  *Андан түшкөн кирешеге анализ жана өсүш резерви. Жер салыгынын коюмун көбөйтүш керекпи?*
- Мүлккө салык
  *Кыргыз Республикасы менен чет өлкөлөр ортосунда салыштырма анализ. Кыргызстанда салыктын коюмун көбөйтүш керекпи? Салыктын натыйжалуулугу.*
- Жергиликтүү бюджеттеги салыктык эмес төлөмдөр: автотранспорттун токтотмосу үчүн жыйым
  *Жергиликтүү бюджетке канча киреше түшөт жана аны чогултуу ишин кантип жакшыртса болот?*
- Кыргызстандагы салык салуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн формаларын колдонуудагы көйгөйлөр.
  *Кыргыз Республикасында ыктыярдуу патенттин чогултулушун арттыруу.*
- Кыргыз Республикасында жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстин ачыктыгын камсыздоо.
  *Жарандардын бюджетти түзүүгө катышуусу. Бюджет боюнча коомдук угуулар жана 1999-жылдан баштап алардын эволюциясы. Бюджеттик ачык-айкындуулуктун индекси. Жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстин катышуучулары. Жарандардын бюджеттик угууларга катышуусу. Мындан пайда чыгабы? Натыйжалуулугун кантип арттырса болот?*

### 3-секция. Муниципалдык кызмат (жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кадрлары)

- Муниципалдык кызматтын баркы жана материалдык жагымдуулугу
  *Акыркы жылдардагы реформалар. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар ортосунда ажырым азайдыбы? ЖӨБ органдарында кадрлардын бир орунда токтобой жатышынын себептери.*
- ЖӨБ органдарынын структурасы. ЖӨБ органдарынын штаттык түзүмүн ким аныктайт?
- Муниципалдык функцияларды аткаруунун жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн регламенттери.
- Муниципалдык кызматты уюштуруу жана муниципалдык кызматтын кадрларын даярдоо системасы.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аппаратын күтүүгө кеткен чыгымдарды оптималдаштыруу.
- Административдик укук бузууларды болтурбоодо жана алдын алууда ЖӨБ органдарынын ролу.


### 4-секция. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коомдун өнүгүүсүндөгү ролу

- Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу

*Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга түздөн-түз катышуусунун формалары: натыйжалуулугун баалоо. Эркин түз билдирүүнүн формалары жана ЖӨБдү жүзөгө ашырууда жарандардын катышуусуна кепилдиктер. Калктын өз эркин түз билдирүүсүн камсыздоо боюнча ЖӨБоргандарынын милдеттери. Калктын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга катышуу практикасы. Аймакты өнүктүрүү маселелеринде жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттешүүсү. Жергиликтүү жамаатты өнүктүрүүнүн стратегиялык максаттарын жана тапшырмаларын түзүүгө жарандардын катышуусу. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзүүгө жарандардын катышуусу. ЖӨБ органдарынын калк, партиялар, коомдук жана башка коммерциялык эмес уюмдар менен кызматташуусунун натыйжалуулугун баалоо.*

- Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуусу
  *Отчеттор, жарандарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызматтык адамдардын иши тууралуу маалымдоо.*
- Тоо-кен казуу тармагында инвесторлор менен өз ара мамилелерди түзүүдө ЖӨБдүн ролу
- ЖӨБ чөйрөсүндө натыйжалуу коммуникацияларды түзүү жана өнүктүрүү
  *Айылдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын оң имиджин калыптандыруу. Жамааттык ММК, муниципалдык ММК, мамлекеттик ММК – жергиликтүү маселелер боюнча калыкты маалымдоодо ким алдыда болуш керек?*
- Этностор аралык тынчтыкты жана ынтымакты бекемдөөдө ЖӨБнын ролу жана мүмкүнчүлүктөрү
- Кыргыз элинин салттарын сактоодо жана модернизациялоодо ЖӨБнын ролу жана мүмкүнчүлүктөрү
- Үй-бүлөдөгү зомбулукту болтурбоодо, аялдардын укуктарын коргоодо ЖӨБнын ролу жана мүмкүнчүлүктөрү
- Өлкөдө жаштар саясатын түзүүдө жана ишке ашырууда ЖӨБнын ролу жана мүмкүнчүлүктөрү
- Коомдук тартипти жана жарандардын коопсуздугун камсыздоодо ЖӨБнын ролу жана мүмкүнчүлүктөрү
- Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жагымдуу чөйрө түзүүдө ЖӨБнын ролу жана мүмкүнчүлүктөрү
- Коомдук саламаттык сактоодо, адамдын жана үй жаныбарларынын ооруп калуусуна жол бербөө жана алдын алууда ЖӨБнын ролу жана мүмкүнчүлүктөрү (элеттик ден соолук комитеттери)

ЖӨБДҮН ЭЛ АРАЛЫК ТАЖРЫЙБАСЫ



# Бала бакчалар – пландоонун дүйнөлүк тажрыйбасы

**Варвара МУРАШЕВА,**
http://estp-blog.ru/rubrics/rid-14520/ Автордун уруксаты менен даярдалды

Кайсы бир шаардын тигил же бул районунда жашоонун ыңгайлуулугу көп учурда ал жакта зарыл болгон социалдык инфраструктуранын, өзгөчө бала бакчанын болуп-болбогонуна көз каранды. Анткен менен наристелер үчүн билим берүүчү мекемелер жетиштүү санда гана эмес, ошону менен

бирге балдар үчүн сапаттуу, коопсуз жана кызыктуу да болуш керек. Назарыңыздарга балаңыз өзү эле барам деп айта турган бала бакчалардын айрымдарын сунуштайбыз.

## ЯПОНИЯ: Fuji Kindergarten



Көптөгөн эл аралык басылмалардын пикири жана рейтингдик баалар боюнча, адаттан тыш бала бакчалардын бири болуп Япониядагы Tezuka Architects компаниясы долбоорлогон Фуджи (Fuji) бала бакчасы эсептелет.

2009-жылы колдонууга берилген бул эки кабаттуу бала бакчанын имараты сүйрү формада курулган. Биринчи кабатында окуу класстары жайгашса, экинчи кабаты – жапыз, бекем тосмолонгон чатыр. Ал жерде объекттер өтө аз болуп, балдар каалашынча чуркап, ойной алышат.

Ошондой эле сыртта өскөн бак-дарактарды имараттын ичинен да көрүүгө болот. Балдардын коопсуздугу үчүн чатырдагы сөңгөк үчүн ааралалган тешиктер аркандан жасалган бекем торчо менен тосмолонгон. Ал болсо өз кезегинде оюнчук же спорттук шайман катары да колдонулат.



Класстар да өзгөчө – алар үч жагынан гана кошулган, ал эми төртүнчүсүндө такыр эле дубалдар жок жана ички тегерек короого ачылат. Ошондуктан балдар өздөрүн жабык жайларда ыңгайсыз сезбейт. Мындан тышкары мындай бөлмөлөрдүн ар биринде окуулар үчүн чатырда бери деген бир жарык люк бар. Ал аркылуу жогорку жакта жүргөн балдар дүйнөнү жаңы, кызыктуу жана адаттан тыш чекиттен көрө алышат.

Япон тарбиячылары балдар тегеренип чуркаганды жакшы көрөрүн байкашкан. Ошондуктан бала бакчанын негизги имаратынын жанында оюн үчүн спиралдык конструкция курулган. Анын чордонунда чоң дарак жайгашкан. Конструкциянын бийиктиги тышкы радиус боюнча тор тешик менен чектелген түрдүү жолдорду кошкондо 5 метрге жакын болот.

Бул адаттан тыш бала бакчадан чыккан балдардын ден соолугу жана дене бой өнүгүүсү жагынан мыкты көрсөткүчтөргө жетишкени да таң калычтуу эмес: бала бакчанын администрациясынын баасы боюнча, ар бир бала күнүнө орточо 4 км чуркайт экен.

## ВЬЕТНАМ: Farming Kindergarten



Адаттан тышкары жана адистердин оң баасын алган дагы бир бала бакча Вьетнамда бар. Бул бакчада айыл чарбанын адам үчүн мааниси жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоо тууралуу ойду балага "тырмактай" кезинен эле калыптандырууну чечишкен. Донгнай шаарында Vo trong nghia architects компаниясынын долбоору боюнча, "фермердик бала бакча" пайда болгон. Узун бир кабаттуу имараттын чатырында бакча жасашкан. Ойку-кайкы болуп ийилген, бийиктиги өзгөрүлмө болгон имаратты жашыл аймактар курчап турат жана кызыктуу мейкиндик түзүлгөн. Ал бийик болгонуна карабастан балдар үчүн коопсуз. Оюн жана көнүгүүлөр үчүн жерлерден тышкары, чатырда 200 чарчы метр жерде чыныгы чарбак бар жана балдарга түрдүү жашылчаларды өстүргөндү үйрөтүшөт.

Бала бакчанын имараты эки тарапта тең жайгашкан терезеден күндүн нуру тийип, ошондой эле жел уруп тургандай курулган. Ошентип имарат кондиционерсиз иштейт жана айлана-чөйрөгө терс таасирин да тийгизбейт, электр энергиясына да бир кыйла үнөмдөйт.

Эң кызыгы – бала бакча жакын жердеги бут кийим чыгаруучу фабриканын жумушчуларынын балдары үчүн абдан чектелүү каражатка курулган. Анын курулушунда жергиликтүү курулуш материалдары (кирпич өңдүү) жана эң жөнөкөй техноло-

гиялар колдонулган. Натыйжада 1 чарчы метрдин баасы 500 доллар гана болгон. Имарат Вьетнамда болсо да, жылуулук үчүн ал жакта көп деле акча коротулбаса да, бул мисал сапаттуу объекттер сөзсүз эле асман чапчыган баада болбош керектигин көрсөтөт.



## ДАНИЯ: Bernts Have Daycare Center

Инновациялык бала бакчалар түштүк региондордо гана мүмкүн деген пикир калыптанып калбаш үчүн чатыры жашыл, бирок Данияда (Холбэк шаарында) орун алган имарат тууралуу да айтып берели.

Бул бала бакчанын көп деңгээлдүү имаратынын жалпы аянты 1350 чарчы метрди түзөт жана кенже топтогу (3 жашка чейинкилер үчүн) 56 балага, 3төн 6 жашка чейинки 80 балага эсептелген. Анын жашыл чатыры акырындап жашыл дөбөгө өтүп кетет.

Жашыл чатыр суук мезгилде мыкты жылыткыч ролун аткарат. Анын жардамы менен имарат жылуулук үчүн акчаны бир кыйла үнөмдөп келатат. (Жашыл чатырлардын мүмкүнчүлүктөрү менен бул жерден тааныша аласыз).



Ар кайсы курактагы балдар үчүн бала бакчада өзүнчө канат жабдууланып, алардын ортосунда жалпы мейкиндик жана ошону менен бирге өзгөчө климаттык зона уюштурулган. Бул мейкиндик туш тарабына терезелер бар, анткен менен суук болгондо көп деле от жагышпайт. Бирок колдонулган технологиялардын жана айнектен тийген күндүн нурунун айкалышуусунун жардамы менен балдар бул жерде кол капсыз эле ойной алышат. Алар үчүн жайларда клумбалар жасалып, балдар гүл өстүргөндү үйрөнүшөт. Мындайды көчөдөн да көрө аласыз. Ал жакта түрдүү чөптөрдөн тышкары мөмөлүү бактар да өсөт.

## ИСПАНИЯ: Kindergarten 8Units

Дагы бир кызыктуу (жогоруда сөз болгон бала бакчалардагыдай жогорку деңгээлде жашылдандырылбаса да) бала бакча Испаниянын Алмера шаарында орун алган. Бул имаратта атайын эле жалпак чатырча кылып, оюн же көнүгүүлөр үчүн кошумча мейкиндик түзүшкөн жок. Балдардын сүрөттөрүн изилдеп чыккан көптөгөн тарбиячылардын айтымында, баланын кабыл алуусунда эки скаттуу чатыр – үйдүн эң эле айырмалуу белгиси. Ошондуктан бала бакча наристе үчүн күн сайын эртең менен баргысы келгендей экинчи үй болсун деген максатта скаттар бар чатырды калтыруу тууралуу чечим кабыл алынган.



Бала бакчанын маңдай жагы башкалардан айырмалуу паззл түрүндө панелдерден жасалган. Тегерек ар кандай түстөгү терезелер ички жайларда да негизги элемент болуп эсептелет. Күндүз балдар имараттын ичинде жүргөндө терезеден өткөн күндүн нуру ашканага жана класстарга өзгөчө жарык берип турат. Муну менен кызыктуу жана жомоктогудай маанай пайда болот. Ал эми кечинде ар кандай түстө күйүп турган терезелер бардык район үчүн кооздук тартуулайт. Ошону менен бирге бала бакчанын имараты чыныгы музейдей жарыктандырылган.



Бала бакчанын ичинде үч топтогу тарбиялану-

учулар үчүн бири-биринен түсү жагынан айырмаланган бөлмөлөр бар: өтө кичинекейлер үчүн (1 жашка чейинкилер) бөлмөлөр көк түскө боёлгон. Бул түс балдарды сооротуп, уктаганга, эс алып, күч топтогонго жардам берет. 1ден 2 жашка чейинки курактагы балдар үчүн бөлмөлөр кызгыл сары түскө боёлгон. Бул түс алардын психомотордук өнүгүүсүн өрчүтөт. Ал эми 2-3 жаштагы балдар үчүн бөлмөлөр жашыл түскө боёлгон. Бул балдарды табиятка аяр мамиле жасоого үйрөтмөкчү.

Түрдүү курактагы балдардын бири-бири менен мамилесин бекемдөө максатында коридорлор жана жалпы имарат аралаш түскө боёлгон. Фасад здания детского сада спроектирован из панелей, в виде своеобразного паззла. Круглые разноцветные окна являются основным элементом даже во внутренних помещениях. Днем, когда дети находятся внутри здания, проходящий сквозь такие окна свет причудливо освещает помещения столовой и классов, создавая там интересную и сказочную атмосферу. А вечером разноцветные светящиеся окна служат украшением всего района, при этом само здание детского сада имеет подсветку как настоящий музей.



**ГЕРМАНИЯ: Kindergarten BollesYWilson**

Ал эми Германияда бала бакчалар кээде колдонулбаган жайларды кайра калыбына келтирүү жолу менен түзүлөт. Мисалы, Мюнстердеги орто кылымдагы Ысык Себастиан чиркөөсү кайсы бир учурда кароосуз калган. Цилиндр формасындагы жана алып салынган куполдорсуз бир аз кызыктай көрүнгөн имаратты бала бакчага айландыруу тууралуу чечим долбоорлор сынагынын жыйынтыгында кабыл алынган. Имараттын эки кабатында окуу үчүн кенен класстар, ал эми алардын алдында чоң көлөмдөгү уникалдуу оюн аянтчасы даярдалган. Анын өзгөчөлүгү – шыбындагы жана дубалдардагы тешиктер аркылуу күндүз күн нуру жана таза аба өтүп турат. Бул жерде абанын температурасы сырттагыдай эле. Бул оюн имаратынын аянты – 540 чарчы метр. Төшөлмө катары спорттук аянтчалар үчүн атайын материалдар колдонулган. Оюн мейкиндигинин дагы миң чарчы метри көчөдө жайгашкан.

Мурдагы чиркөөнүн имаратына корпус кошулган. Ал жерде администрациянын кеңселери, ашкана, ата-энелер үчүн күтүү бөлмөлөрү жайгашкан.



**ОРУСИЯ: Юградагы «Эрудит»**



Орусияны ала турган болсок, 2014-жыл үчүн түзүлгөн рейтингге ылайык, түрдүү белгилердин жана факторлордун жыйындысы боюнча, мыкты деп Ханты-Мансы автоном оркугунун Нижневартовск шаарындагы №77 “Эрудит” бала бакчасы табылган.